الله
رسول
محمد

# ЖЕҢИЛДИКТЕР ДИНИ ИСЛАМ



"... Аллах силерге жеңилдик каалайт, кыйынчылык каалабайт...»
(Бакара Сүрөсү, 185)

ХАРУН ЯХЬЯ
(АДНАН ОКТАР)

**Аллахтын адамдар үчүн, алардын табиятына эң ылайыктуу катары тандаган дини – бул Ислам дини. Аллах динин адамдар аны жашай алышы үчүн абдан жеңил кылган. Дин адамдардын жонундагы бардык кыйынчылыктарды, кысуучу жана чектөөчү, адамдарга кыйынчылык алып келген бардык оордуктарды жок кылат. Адамдын бир гана чексиз мээримдүү, боорукер, кечиримдүү, ыкластуу пенделери үчүн бүт нерселерди жакшылык (кайырдуу) кылып жараткан, бүт күч-кудуреттин ээси болгон Аллахтын ал адам үчүн аныктаган тагдырга өзүн тапшырышын, бүт нерседе бир гана Анын ыраазычылыгын максат кылып, Ага багытталышын кабардайт.**

**Пайгамбар Мырзабыз жанындагы Мусулмандарга дайыма динди жеңилдештирүүсүн буйрук кылган. Демек, ыкластуу Мусулмандар ушул буйрукка баш ийиши керек жана адамдарга жеңил нерсени оор көрсөтүүнүн күнөөсүн өз мойнуна топтобошу керек. Пайгамбар Мырзабыздын (сав) бул жөнүндөгү хадиси төмөнкүдөй:**

**«Жеңилдеткиле, оордоштурбагыла. Сүйүнчүлөгүлө, жаман көрсөтпөгүлө. Бири-бириңер менен жакшы мамиледе болгула, талашып-тартышпагыла.»**

**Бул китепте, Пайгамбарыбыздын (сав) ушул кеңешине ылайык, Аллахтын динин жашоонун абдан оңой экендиги эске салынат.**



## АВТОР ЖӨНҮНДӨ


Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү. Учурда дүйнөнүн 60 тилине которулган дээрлик 300 ашуун болгон автордун эмгектери дүйнөнүн төрт тарабында кызыгуу менен окулууда.

Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.


بسم الله الرحمن الرحيم
الله
رسول
محمد



# ЖЕҢИЛДИКТЕР ДИНИ ИСЛАМ



ХАРУН ЯХЬЯ
(АДНАН ОКТАР)



# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.



Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага,

Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашуууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул боюнча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

• Бул китепте жана башка эмгектерибизде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 150 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл. Кээ бир окурмандарыбыз балким бир гана китебибизди окушу мүмкүн. Ошондуктан ар бир китебибизде бул темага кыска болсо да бир бөлүмдө токтолуу ылайыктуу көрүлдү.

• Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

•Түшүндүрүүдө колдонулган ыкластуу, жөнөкөй баян китептердин жашкары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

• Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

• Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

• Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# ЖЕҢИЛДИКТЕР ДИНИ ИСЛАМ

"... Аллах силерге жеңилдик каалайт, кыйынчылык каалабайт...»
(Бакара Сүрөсү, 185)

ХАРУН ЯХЬЯ
(АДНАН ОКТАР)


www.harunyahya.com
en.harunyahya.tv
http://harunyahya.ru

# МАЗМУНУ


КИРИШҮҮ ........................................................................ 11

КУРАН – ЖЕҢИЛДИККЕ ЖЕТКИРҮҮЧҮ БИР ЖОЛ БАШЧЫ ........................................................................ 13

АЛЛАХ ЖЕҢИЛДИКТИ БУЙРУК КЫЛГАН..................... 19

КУРАН АХЛАГЫН ЖАШООНУН ЖЕҢИЛДИГИ .......... 55

ШАЙТАНДЫН АЛСЫЗ ТУЗАГЫ ......................................... 82

ЖЫЙЫНТЫК ........................................................................ 86

ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ .............................................. 88




# КИРИШҮҮ

Аллахтын адамдар үчүн, алардын табиятына эң ылайыктуу катары тандаган дини – бул Ислам дини. Аллах динин адамдар аны жашай алышы үчүн абдан жеңил кылган. Дин ахлагы адамдардын жонундагы бардык кыйынчылыктарды, кысуучу жана чектөөчү, адамдарга кыйынчылык алып келген бардык оордуктарды жок кылат. Адамдын бир гана чексиз мээримдүү, боорукер, кечиримдүү, ыкластуу пенделери үчүн бүт нерселерди жакшылык (кайырдуу) кылып жараткан, бүт күч-кудуреттин ээси болгон Аллахтын ал адам үчүн аныктаган тагдырга өзүн тапшырышын, бүт нерседе бир гана Анын ыраазычылыгын максат кылып, Ага багытталышын кабардайт.

Ааламдагы бүт жандык, нерселердин жана ишке ашкан бардык окуялардын ээси болгон Аллахка ишенип, таянуу жана Аны дос тутуу – бул бир адамдын жашоосундагы бардык коркуу, тынчсыздануу, азап жана кыйынчылыктардын да жоголушу дегенди билдирет. Куран ахлагын жашаган бир адам үчүн дин алып келген эң маанилүү жеңилдик жана сонундуктардын бири ушул. Андан башка, Аллах бардык буйрук жана өкүмдөрүн адамдардын табиятына эң ылайыктуу негизде билдирген жана эч бирөөсүндө кандайдыр бир кыйынчылык жок.

Аллах Куранда дин ахлагынын жеңил экенин, Анын динине баш ийгендердин иштерин жеңил кылаарын мындайча билдирген:

**«Жана сени оңой (жол)до ийгиликтүү кылабыз.» (Аъла Сүрөсү, 8)**

**«... Ал силерди тандап алды жана силер үчүн диниңерде (ашыкча) оорчулук жүктөгөн жок, атаңар Ибрахимдин дини(нде болгон сыяктуу)...» (Хаж Сүрөсү, 78)**

Пайгамбарыбыз (сав) да бул аяттар негизинде «Дин – бул жеңилдик.» (Buhari, Iman: 29; Nesai, İman: 28; Musned, 5:69) деп айтуу менен адамдарды дин ахлагын жашоого чакырган.

Адамдар динде кыйынчылык деп билген кыймыл-аракет же ишенимдер болсо динге кийинчерээк мушриктер (Аллахка шерик кошкондор) же адамдарды динден алыстаткысы келген каапырлар тарабынан кошулуп, акыйкат диндин бир бөлүгү сыяктуу адамдарга жеткирилген. Кээ бирөөлөр болсо өздөрүн такыбараак (Аллахтан көбүрөөк корккон) көрсөтүү үчүн кыйынын кылуу жакшыраак деген жаңылыштыкка кабылып, элге көрүнүүнү максат кылган бир дин түшүнүгүн кабыл алышкан. Чындыгында болсо, Пайгамбар Мырзабыз жанындагы Мусулмандарга дайыма динди жеңилдештирүүсүн буйрук кылган. Демек, ыкластуу Мусулмандар ушул буйрукка баш ийиши керек жана адамдарга жеңил нерсени оор көрсөтүүнүн күнөөсүн өз мойнуна топтобошу керек. Пайгамбар Мырзабыздын (сав) бул жөнүндөгү хадиси төмөнкүдөй:

*«Жеңилдеткиле, оордоштурбагыла. Сүйүнчүлөгүлө, жаман көрсөтпөгүлө. Бири-бириңер менен жакшы мамиледе болгула, талашып-тартышпагыла. (Hz. Said ibni Ebu Berde r.a.) (Ramuz El-Hadis 2. Cilt, s. 510)*

Бул китепте, Пайгамбарыбыздын (сав) ушул кеңешине ылайык, Аллахтын динин жашоонун абдан оңой экендиги эске салынат. Ошондой эле, Ислам дининин адамдын табиятына, бейпилдигине, бактылуулугуна эң ылайыктуу жашоо калыбы экендиги жана Куран ахлагына ылайык өмүр сүрүүнүн бир адам үчүн мүмкүн болгон эң жакшы жашоо экендиги тереңирээк баяндалат.

# КУРАН – ЖЕҢИЛДИККЕ ЖЕТКИРҮҮЧҮ БИР ЖОЛ БАШЧЫ

**Биз сага Куранды кыйналышың үчүн түшүрбөдүк. (Аллахтан) Ичи титиреп корккон адамдар үчүн эскерме катары түшүрдүк. (Таха Сүрөсү, 2-3)**

Аллах тарых бою бүт адамзатка туура жолду табуулары, чындыкка жете алуулары жана дин жөнүндө маалымат алуулары үчүн ыйык китептер менен бул китептерди адамдарга жеткирген жана түшүндүргөн пайгамбарлар жөнөткөн. Аллах адамдарга жол көрсөтүүчү катары жөнөткөн акыркы китеп болсо – бул Куран. Бир аятта Куранды жол башчылык өзгөчөлүгү мындайча билдирилет:

**Мындан (Курандан) мурда (алар) адамдар үчүн бир туура жол эле. Тууранын туура эместен ажыраткан (Фуркан)ды да түшүрдү. Чындыгында, Аллахтын аяттарын жалганга чыгаргандар үчүн оор бир азап бар. Аллах күчтүү, өч алуучу. (Али Имран Сүрөсү, 4)**

Аллахтын Курандан мурда түшүргөн китептери мушриктер жана динге душман болгон адамдар тарабынан бурмаланып, бузулган. Ал китептер, арасына бир катар ойдон чыгарылган нерселер жана батыл (жалган) ишенимдер кошулуу менен,

чыныгы абалынан алыстатылган. Бирок Аллах акыркы китеп болгон Курандын бузулбашы жөнүндө аяттарда так өкүмүн айткан жана кыямат күнүнө чейин корголоорун төмөнкүчө билдирген:

**Эч шексиз, зикирди (Куранды) Биз түшүрдүк Биз. Анын коргоочулары да – чындыгында Бизбиз. (Хижр Сүрөсү, 9)**

**Батыл (жалган) ага алдынан да, аркасынан да келе албайт. (Себеби Куран) Өкүм жана хикмат ээси, көп макталган (Аллах)тан түшүрүлгөн. (Фуссилет Сүрөсү, 42)**

Курандын кыяматка чейин жарактуу экенин жана корголоорун билген момундар мунун кубанычын жана бейпилдигин жашашат. Куран – бул адам ар бир өкүмүнө, ар бир буйругуна так ишенимде болгон, жүрөгүндө жана абийиринде эч кандай ыңгайсыздык жана шек пайда болбостон, ээрчип баш ийе турган бир китеп. Адамдардын мынчалык «ишенимдүү» бир жол башчысынын болушу – абдан чоң бир немат-жакшылык жана Аллах Кабатынан берилген бир ырайым, мээрим. Аллах Курандын момундар үчүн маанилүүлүгүн бир аятында төмөнкүдөй билдирүүдө:

**... Биз Китепти сага бүт нерсенин түшүндүрмөсү, Мусулмандарга бир хидаят (туура жол), бир ырайым жана бир сүйүнүчтүү кабар катары түшүрдүк. (Нахл Сүрөсү, 89)**

Куранды билген жана өзүнө жол башчы кылган ар бир адам өзүнүн жаратылуу максатын, Аллахтын ыраазычылыгына, ырайымына жана бейишине жетүүнүн жолун, бейиш жана тозокто кандай жашоо болоорун, Аллахтын жаратуу сырларын, эң сонун ахлакты жана дагы көптөгөн маалыматты эң туура жана толугу менен үйрөнөт.

Бир адам дин жөнүндө сурай турган жана ага башка адамдар тарабынан узатыла турган ар кандай суроо да Куранда жооптолгон. Аллах бир аятында муну мындайча билдирет:

**Алар сага кандай гана мисал алып келбесин, Биз (ага карата) сага акыйкатты жана эң сонун түшүндүрүү жолун алып келебиз. (Фуркан Сүрөсү, 33)**

Куран аяттары менен дин жөнүндө толук маалымат берилген сыяктуу, адамдар арасында талаш жарата турган эч нерсе калтырылбай жооптолгон. Аллах Курандын түшүрүлүү себептеринен бирөөсүнүн адамдар талашып-тартышкан темаларды түшүндүрүү экендигин төмөнкүдөй билдирген:

**Биз Китепти бир гана (алар) талашып жаткан нерселерди аларга түшүндүрүшүң жана ишенген бир коомго ырайым жана хидаят болушунан башка (бир максатта) түшүрбөдүк. (Нахл Сүрөсү, 64)**

Аяттан байкалгандай, Куран – бул Аллахка ыйман келтирген, ыкластуу пенделер үчүн улуу бир ырайым жана бүт темада бир жол башчы. Аллах Куран аркылуу бизге биз биле албаган, жаратуу сыры болгон темаларды билдирет жана бүт адамдарды мындай маалыматтар менен эскертет. Мисалы, Куранда шайтандын бар экендиги, өзгөчөлүктөрү, максаты, адамдарга кайсы тараптардан жакындашы мүмкүн экендиги, кандай ыкмалар колдонушу мүмкүн экендиги, шайтандын тымызындык мүнөзү жана башка көптөгөн маалыматтар берилүүдө. Ал тургай, бир адамдын шайтандын таасиринен чыга алуу жолу да көрсөтүлүүдө. Куранда шайтан жөнүндө баяндалгандар момундар үчүн абдан чоң бир жеңилдик, себеби бул аркылуу шайтан сыяктуу тымызын жана аларга көрүнбөгөн жолдор менен жакындаган бир душманга карата адамдар дайыма кабардар болушат.

Куран абдан түшүнүктүү жана бүт адамдарга кайрылган бир китеп. Ошондуктан, адамдардын акырет күнүндө Аллахка дүйнө жашоосунда кылгандары үчүн сурак берип жатканда, «Мен мындан кабарсыз элем, мага айтылган эмес эле» дей ала турган же себеп көрсөтө ала турган эч кандай негиз жок. Аллах адамдарды Куран аркылуу эң сонун абалда эскерткен жана алардын жашоосу менен байланыштуу эң маанилүү темаларда маалыматтар берген.

Аллах дагы бир жеңилдик катары, адамдар оңойураак аңдап-түшүнө алышы үчүн Куранда аяттарды ар кандай мисалдар менен баяндаган. Аллах Курандын мындай услубун аяттарында төмөнкүчө билдирет:

**Ант болсун, Биз аларга бир Китеп алып келдик; ыйман келтире турган бир коомго бир хидаят (туура жол) жана бир ырайым катары бир илимдин үстүндө аны ар кандай мисалдар менен түшүндүрдүк. (Араф Сүрөсү, 52)**

**... Кара, жакшылап аңдап-түшүнүүлөрү үчүн аяттарды кандайча ар түрдүү жолдор менен түшүндүрүп жатабыз? (Энъам Сүрөсү, 65)**

Аллахтын өкүмдөрүнө карабастан, көбүнчө адамдар кабылган маанилүү каталардын бири – бул алардын Куранды бүт адамдар түшүнө бербейт деп ойлошу. Көп адамдар Куранды окуу, түшүнүү жана жашай алуу үчүн көп жылдык бир билим алуу керек деп ойлошот. Мындай пикирдеги адамдардын көпчүлүгү болсо Куранды бир жолу да окуп көргөн эмес, чынында. Же окуган болсо да, түшүнүүгө аракет кылган эмес, баштап жатканда эле аяттарды түшүнбөйм деп өзүн шарттап алган. Чынында болсо, Куран – Аллах аяттарында билдиргендей апачык. Чын ыклас менен Куранды окуган ар бир адам оңой гана түшүнө ала турган услупка ээ.

Куран тилинин абдан түшүнүктүү болушу адамдар үчүн абдан чоң бир жакшылык. Аллах адамдардын Куранда эч кыйналбастан окуп түшүнүүлөрү үчүн жеңилдеткенин бир аятында мындайча билдирет:

**Биз муну (Куранды) сенин тилиңде жеңил кылдык, такыба (Аллахтан корккон) адамдарга сүйүнүчтүү кабар айтышың жана тирешкен (талашкан) коомду эскертип-коркутушуң үчүн.** (Мерйем Сүрөсү, 97)

Аллах ырайымынын жана мээриминин бир натыйжасы катары, адамдар түшүнүшү үчүн динин мынчалык жеңилдеткен, демек адамдын милдети – бир гана Аллах билдиргендер жөнүндө ойлонуу жана аларды ишке ашыруу. Бирок, ушуга карабастан, көп адамдар жеңил жол турганда, оор жолду тандашууда. Өздөрүнө туура эмес жол башчылар издешүүдө, жашоо максатын үйрөнө алган, түбөлүк кутулушуна себепчи боло турган Курандан алыс жашашууда. Бир аятта да билдирилгендей, Пайгамбарыбыз (сав) да бул жөнүндө Аллахка минтип кайрылган:

**Жана элчи (пайгамбар) айтты: «Раббим, чындыгында менин коомум бул Куранды ташталган (бир китеп) катары артка ташташты.»** (Фуркан Сүрөсү, 30)

Жүрөктөрү ыраазы болгон абалда Аллахка байланган ыкластуу момундар болсо Курандын өкүм жана хикмат ээси болгон Раббибизден келген бир туура жолдун жол башчысы экендигин билишет. Аллах Курандын «момундар үчүн шыпаа жана ырайым» (Исра Сүрөсү, 82) экендигин да билдирген. Куран аяттары аркылуу адамдын акылында жарала турган суроолор жана шектер толугу менен жоголот жана адам өзүнө эң ылайыктуу ахлакты жана жашоо калыбын үйрөнгөн болот.

Абдан маанилүү бир нерсе бар: Аллах адамдарды Ислам

табиятын жашаганда гана бактылуу, бейпил, акылы жана денеси ден-соолукта боло ала турган негизде жараткан. Буларга жетүү үчүн Курандан башка жол издегендер миңдеген, миллиарддаган жылдар өтсө да, эч качан издегенин таба алышпайт. Адамдын дүйнөдө жана акыретте бейпил жашашы үчүн жалгыз жол – бул Аллах адамдар үчүн түшүргөн Куранга жана Пайгамбар Мырзабыздын (сав) сүннөтүнө баш ийүү. Аллах аятында билдиргендей, Куран адамдарды караңгылыктардан жарыкка чыгаруучу жалгыз акыйкат Китеп:

> **Алиф. Лам. Ра. Бул бир Китеп, Раббиңдин уруксаты менен адамдарды караңгылыктардан нурга, Ошол күчтүү жана мактоого татыктуунун жолуна чыгарышың үчүн сага түшүрдүк. (Ибрахим Сүрөсү, 1)**

Аллахтын китебинин нурун ээрчигендер, жол башчылыгына баш ийгендер –Аллахтын каалоосу менен- дүйнөдө жана акыретте дайыма жеңилдиктерге жолугат жана сонун өмүр сүрүшөт.

# АЛЛАХ ЖЕҢИЛДИКТИ БУЙРУК КЫЛГАН

Адамдардын көпчүлүгүнүн дин жөнүндөгү маалыматтары кичинекейинен баштап чөйрөлөрүнөн уккан нерселерине таянат. Динди чыныгы булагынан, т.а. Курандан үйрөнүшпөгөндүктөн, дин атына жамынган көптөгөн ойдон чыгарылган нерселерге, негизсиз ишенимге кабылышат. Мындай ишенимдердин эң коркунучтууларынын бири болсо – бул «динди жашоо кыйын» деген чындыктан алыс бир ишеним.

Тарых бою динди чыныгы маңызынан алыстатууну максат кылган жана диндин жашалышына тоскоол болуу үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонуп көргөн адамдар динге көптөгөн оордоштуруучу кыймыл-аракет жана ойдон чыгарылган нерселерди кошууга аракет кылышкан. Өздөрү чыгарган мындай кошумчалар себебинен билип же билбестен адамдардын динден алысташына себеп болушкан. Чынында болсо, Аллахтын Куранда билдиргендери жана Пайгамбар Мырзабыздын (сав) сүннөтү бизге дин менен жашоонун ыкластуу адамдар үчүн абдан жеңил экенин үйрөтүүдө.

Биринчиден бир нерсени айта кетүү керек; Аллах ааламдагы бүт нерсе сыяктуу адамды да жоктон жараткан. Адамды эң

жакшы билген, ага күрөө тамырынан да жакын болгон Аллах динди да адамдын табиятына ылайыктуу жараткан. Аллах бир аятында адамдын дин аркылуу табиятына (жаратылышына) эң ылайыктуу нерсеге чакырылганын мындайча кабар берет:

**Демек, сен жүзүңдү Аллахты жалгыз деп билген (бир ханиф) динге, Аллахтын ошол табиятына бур; (Аллах) адамдарды ушул негизде жараткан. Аллахтын жаратуусунда эч кандай өзгөрүү жок. Эң туура дин мына (ушул). Бирок адамдардын көпчүлүгү билишпейт. (Рум Сүрөсү, 30)**

Раббибиздин боорукердик жана мээриминин бир натыйжасы катары кылымдар бою жөнөтүлгөн бардык акыйкат диндер дайыма аткарылышы абдан жеңил өкүмдөргө ээ болгон. Себеби Аллах адамдар үчүн дайыма жеңилдик каалаган жана «...Аллах силерге жеңилдик каалайт, кыйынчылык каалабайт...» (Бакара Сүрөсү, 185) аяты менен да бул чындыкты билдирген. Аллах койгон чектерден чыкпаган бир адам – ошол эле учурда, табиятына эң ылайыктуу, абдан сонун бир жашоону жашаган адам.

Бул чындыкты билбеген бир катар адамдар болсо дин ахлагынын чектери алынганда, бейпилирээк жашайбыз; мисалы, ахлактык баалуулуктарга маани бербегенде эркин болобуз деп ойлошот. Же болбосо, дин биздин жашообузду чектей турган бир катар чектөөлөрдү алып келет деп ойлошот. Чынында болсо, булардын баары адамдар түшкөн абдан чоң жаңылыштыктар жана шайтандын баш айлантма калптары. Себеби Аллахтын динин жашоо, адамдарга буйрук кылгандарын аткаруу абдан оңой. Чыныгы оор нерсе – бул Аллах билдирген чектерди тааныбаган адамдардан турган бир коомдо жашоо. Мындай жашоо абдан жаман натыйжаларды да алып келет.

Эң биринчиден, дин ахлагынан алыс жашаган коомдордо же динсиз адамдардын жашоолорунда дайыма башаламандык (хаос), каргаша, бейпилсиздик, коркуу, бактысыздык жана стресс өкүм сүрөт. Аллахтан коркпогон бир адам ар түрдүү ахлаксыздыкты жасайт, эч кайсы темада чегин билбейт жана бузулган бир өмүр сүрөт. Мындай жашоодо адамдар бир-бири үчүн өз мал-жанын сарпташпайт, сүйүү, урматты билишпейт, бир-бирине материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүшпөйт. Ушул себептен мындай жашоо эч качан, эч бир адамга бактылуулук алып келбейт. Дин ахлагынын чектери жоголгондо, адам өзүн бейпил сезе турган чөйрөгө толугу менен карама-каршы жана толугу менен шайтан каалагандай тозокко окшош бир чөйрө пайда болот.

Мисалы, бүгүнкү күндө биз көп жолуккан окуялардан болгон баңгизат колдонуу жана соодасынын жайылышы, сойкулук, паракордук, алдамчылыктын токтотууга мүмкүн болбогон бир абалга келиши сыяктуу абалдар толугу менен динден жана натыйжада ар кандай руханий баалуулук жана сулуулуктан алыстоо менен байланыштуу. Мындай чөйрөлөрдө адамдар өз ойлорунда эркинбиз жана каалаганыбызды кыла алабыз деп ойлошот. Чынында болсо, мындай чектери жок жашоолору аларга алып келген материалдык жана моралдык кыйроо экркиндик деп ойлошкон сезимдерден бир топ эсе жогору. Ойлоп көрүңүзчү, сойкулуктан, баңгизаттан же алкогольдон ден-соолугу бузулган, денеси өзүнүн жашынан бир топ эрте картайган, чачтары, териси жаркыраганын жана жандуулугун жоготкон, чарчаңкы, азаптуу бир өмүр сүргөн адамдар эмнеге жетише алышты? Чынында эле, чектен чыккан, ахлакка эч маани бербеген, максаты жок жана аягы жоктук деп кабыл алынган бир өмүр сүрүү, сөзсүз ар бир адамда денелик жана руханий абдан чоң кыйроолорго алып келет.

Болгондо да мындай натыйжалар бүт адамдар көрө ала тургандай, эч жокко чыгарууга мүмкүн болбогондой даражада ачык жана так.

Бул жерде берилген мисалдар эң учкай мисалдар деп ойлогондор болушу мүмкүн. Бирок бир чындык бар: адам дин ахлагынан канчалык алыс жашаса, Аллахтын чектеринен канчалык чыкса, ошончолук бактысыз жана оор бир өмүр сүрөт. Бир адамдын бул жерде мисал берилгендей учкай, эң оор өмүр сүрүп жатпашы анын жеңил жана бактылуу өмүр сүрүп жаткандыгын көрсөтпөйт. Балким биз берген мисалдан бираз бейпилирээк жашайт. Бирок чыныгы бакытты жана бейпилдикти эч таба албайт. Болгондо да, акыр аягында бул адам Аллахтын буйруктарынан алыстаганы үчүн чоң бир бушаймандык сезе турган, кыйынчылык жана азаптардын эң чоңдорун тартып жашай турган акырет жашоосуна жолугат.

Аллахтан корккон жана дин ахлагынын талаптарын кемчиликсиз аткарган адамдар болсо дүйнөдө да, акыретте да чоң утушка жетишет. Эң негизгиси Аллахка баш ийүүнүн руханий жыргалчылыгын жана абийиринин бейпилдигин татышат. Алар үчүн дайыма бир сүйүнүчтүү кабар жана сулуулук бар. Аллах Анын ыраазычылыгына ылайыктууларга жана чектерди сактагандарга бир аятында мындайча сүйүнүчтүү кабар айтууда:

**Тообо кылгандар, ибадат кылгандар, мактоо (хамд) айткандар, (Ислам жолунда) саякат кылгандар, рүку кылгандар, сажда кылгандар, жакшылыкка чакыргандар, жамандыктан кайтаргандар жана Аллах койгон чектерден чыкпагандар; сен (бардык) момундарга (ыймандууларга) сүйүнүчтүү кабар бер. (Тообо Сүрөсү, 112)**

Абийирин укпастан, Аллахтын чектеринен чыкпоо багытында көңүлкош мамиле кылгандар же ыйманды жаман көрүп,

ыймансыздыкты жакшы көргөндөр болсо, дүйнөдө да, акыретте да кыйынчылык жана азаптарга кабылышат. Аллах бир аятында мындайча билдирет:

**... Булар Аллах койгон чектер. Ким Аллах койгон чектерден чыкса, чындыгында ал өз напсисине (өзүнө өзү) зулумдук кылган болот... (Талак Сүрөсү, 1)**

Дин ахлагын жашоону оор деп ойлогон адамдар менен бирге, жогоруда айтылгандай, динди жашоону оор көрсөткөн адамдардын абалы бар. Диндин маңызын түшүнө албаган кээ бир адамдар динде ашыкча кетүүгө жакын болушат. Кээ бир адамдар эркиндикке жамынып чектен чыккан сыяктуу, кээ бир адамдар такыбалыкка (Аллахтан коркууга) жамынып, Аллах койгон чектерди өзгөртүү, оордоштуруу «эрдигин» кылышат. Бул түпкүрүндө шайтандын адамдарга тузагы. Аллах арам кылбаган нерсени арам деп, көбүрөөк тыюуларды чыгарууну бул адамдар бир артыкчылык деп ойлошот. Болгондо да, өздөрү чыгарган мындай эрежелерге өздөрү да зарыл деңгээлде баш ийишпейт жана мунун да абийир азабын жашашат. Аллах бир аятында Аз. Исадан кийин Исевиликти (Иса Пайгамбар алып келген динди) бузган христиандарды буга бир мисал кылган:

**Кийин алардын изинен элчилерибизди бири-биринин артынан жөнөттүк. Мерйем уулу Исаны да аркаларынан жөнөттүк; ага Инжилди бердик жана аны ээрчигендердин жүрөктөрүнө бир боорукердик жана мээрим салдык. (Бир бидат катары) Чыгарган кечилдикти болсо Биз аларга жазбадык (буйрук кылбадык). Аллахтын ыраазычылыгы үчүн (чыгарышты), бирок аны чындап аткара алышпады. Биз алардан ыйман келтиргендерге соопторун бердик. Алардан көпчүлүгү бузукулар. (Хадид Сүрөсү, 27)**

Ушул себептен, Аллах ыймандууларды мындай коркунучтан эскерткен жана динде чектен чыккандардын туура жолдон чыгышканын Куранда билдирген:

**Айткын: «Эй китеп элдери (китеп берилгендер), адилетсиздик менен диниңерде ашыкча кетпегиле жана мурдатан адашкан, көптөгөн (адам)дарды адаштырган жана туура жолдон чыккан бир коомдун каалоолорун ээрчибегиле.» (Маида Сүрөсү, 77)**

Адамдын милдети – бул Куранда Аллах адамдарга буйрук кылгандарын аткаруу жана тыюу салгандарынан качынуу. Аллах бүт нерсени адамдар үчүн жеңил кылып жатканда, динди оордоштурууга аракет кылгандар акыретте мунун жоопкерчилигин моюндарына алып, сурак беришет. Башка темаларда сыяктуу эле, бул темада да Пайгамбар Мырзабыздын жашоосу жана кылгандары бизге эң сонун мисал болот. Бир хадисинде куттуу Пайгамбарыбыз (сав) Аллахтын чектерин сактоону жана ошол эле учурда чектен чыкпоону момундарга эскертип, диндин жеңил экенин айткан:

*«Дин оңой. Эч ким динге карата күчтүү боло албайт. Себеби динден жеңилет. (Б.а. диндин жеңилдигине көнүгүшү керек. Бекемирээк, оорураак кылайын деген алсыз болуп калат.) Жолуңарды, кыймылыңарды оңдогула, (чекке) жакын болгула.» (Ramuz El-Hadis, 1. Cilt, s. 98)*

Адамдар динди Пайгамбар Мырзабыздын (сав) жогорудагы хадисинде билдиргендей баалашы керек. Б.а. Аллах ачык жана түшүнүктүү кылган, аткарылышы оңой болгон өкүмдөрдү түшүнүксүз жана оор көрсөтүүлөрү чоң бир ката. Аллах Куранда билдирген өкүмдөрдү ар кандай шарт жана чөйрөдө, ар кандай адам оңой гана жасай ала турган кылып жеңилдеткен. Кийинки бөлүмдөрдө Аллахтын өкүмдөрүндө адал жана арам

чектеринде адамдарга берген жеңилдиктердин кээ бирлерине орун берилет:

## Тамак-аштар жөнүндө жеңилдиктер

Аллах ырыскы катары адамдарга көптөгөн жакшылыктарды берген. Түркүн түстүү мөмөлөр, дүр-дүйүм тамактар, жашылчалар, эттер, суусундуктар, жемиштер... Баары адамдардын кызматына сунулган. Жана Аллах «Сенден аларга эмнелердин адал кылынганын сурашат. Айткын: «Бардык таза нерселер силерге адал кылынды.» (Маида Сүрөсү, 4) аяты менен адамдарга бардык таза тамактардын адал кылынганы билдирилген.

Аллах адамдарга арам кылганын билдирген тамактар болсо – бул союлбай өлгөн малдын эти, кан, чочконун эти сыяктуу, ансыз деле адамдар үчүн зыяндуу жана таза эмес тамактар. Аллах бир аятында мындайча буйурат:

**Айткын: «Мага вахий кылынгандардын арасынан тамактануучулар үчүн (силер айткан) арам нерсени таппай турам. Бир гана тарп, төгүлгөн кан, же доңуздун (чочконун) эти болсо – булар ыплас (мурдар) жана арам. Же фасыктык (бузукулук) менен Аллахтан башкага арнап союлган болсо (бул дагы арам).» Ал эми ким аргасыз бир муктаждыкта калса, арaанын агытпай, чектен чыкпай (өзөк жалгагыдай) жесе болот. Шексиз, сенин Раббиң кечиримдүү, ырайымдуу. (Энъам Сүрөсү, 145)**

Аятта арам болгон тамактар үчүн айтылган «мурдар» (ыплас) сөзүнүн көптөгөн хикмат-сырлары бар. Себеби чочконун эти адамдын денесине зыян бере турган өзгөчөлүктөргө ээ.

Мисалы, чочконун эти абдан майлуу, аны жегенде бул май канга өтөт. Кандагы бул ашыкча көлөмдөгү май тамырлардын катуулашына, кан басымынын жогорулашына жана жүрөк

инфарктына себеп болот. Мындан тышкары, чочконун майындагы «сутоксин» деп аталган уулуу заттын сыртка чыгышы үчүн лимфа бездеринин кадимки абалынан көбүрөөк иштеши керек болот. Бул абал өзгөчө жаш балдарда лимфа боолорунун жаракаттанышы жана шишигине алып келет. Ошондой эле, чочконун этинде көп көлөмдө күкүрт бар. Денеге ашыкча көлөмдө кирген күкүрт тарамыш, булчуң жана нервдерге отуруп, тарамыштардын жаракаттанышы, белде эт өсүү сыяктуу ар кандай ооруларга жол ачат. Булардан тышкары, ар кандай тери оорулары жана трихина сыяктуу (трихина бир гана чочко аркылуу кирет жана адамдарда өлтүрүүчү бир абал пайда кылат) олуттуу ооруларга да себеп болууда. (Бул жерде чочконун этинин белгилүү жалпы бир канча зыянына гана көңүл бурулду.)

Байкалгандай, адамга зыян бере турган тамактардын арам кылынышы да адамдарга сунулган бир жеңилдик жана коргоо.

Бирок бул жерде дагы бир нерсеге көңүл буруу керек: Албетте бүт нерсенин арам же адал болушу толугу менен Раббибиздин буйругу менен. Жана адам бир гана Аллахтын буйругуна ылайык аракет кылуудан жоопкерчиликтүү. Аллах бир тамактын арам болушунун хикматтарын кааласа адамдарга көрсөтөт, каалабаса көрсөтпөйт. Бирок Аллах адамдарга бир жеңилдик болушу, жүрөктөрүнүн толук ыраазы болушу үчүн, жогорудагы мисалдан байкалгандай, бул хикматтарды адамдарга бир канча себеп менен көрсөтүүдө.

Аллах Куранда тыюу салынган тамактар жөнүндө сөз кылганда, адамдын башына келиши мүмкүн болгон ар кандай абалдарда кандай кыймыл-аракет кылышы керек экенин да түшүндүргөн. Ушундайча адамдардын күтүлбөгөн учурларда тынчсызданышынын алды алынган. Бул жөнүндөгү кээ бир аяттар төмөнкүдөй:

**Силерге Аллах ырыскы кылып берген адал (жана) таза нерселерден жегиле жана эгер жалгыз Ага гана ибадат кылчу болсоңор, Аллахтын нематтарына шүгүр кылгыла. Ал силерге бир гана тарпты, канды, доңуздун (чочконун) этин жана Аллахтан башкага атап союлган (жаныбар)ды арам кылды. Ал эми бирөө мажбур калса, чектен чыкпай, сугунуп апсыкпай (жей алат). Себеби чынында Аллах кечиримдүү, ырайымдуу.» (Нахл Сүрөсү, 114-115)**

Бул аяттын аягында Аллахтын кечиримдүү жана ырайымдуу экендигинин эске салынышы да момундарга бейпилдик берген жана аларга сүйүнчү айткан бир аят. Себеби адам алсыз жаратылган. Ката кылышы мүмкүн, унутушу мүмкүн, алаксып калышы мүмкүн, өзүн кармана албай калышы мүмкүн. Бирок Аллах аны чын ыкластан тообо кылса, кечирет жана коргойт.

## Аллах намаз кылгандарга берген жеңилдиктер

5 убакыт намаз кылуу – Мусулман өмүр бою, калтырбастан кыла турган, Аллах койгон убакыттарда парз болгон бир ибадат. Ибадаттарын аткарбаган адамдар намаз кылууну да көбүнчө улгайган куракка калтырышат. Чынында болсо намаз да – бардык башка ибадаттар сыяктуу абдан оңой аткарыла турган бир ибадат.

Бир нерсени айта кетүү керек, Аллах бир адам үчүн эмнени парз кылган болсо, ал адам кулчулук вазыйпасы (милдети) катары аны кылууга милдеттүү. Бул үчүн болсо Аллахтын ыраазычылыгына, ырайымына жана бейишине жетүүнү үмүт кыла алат. Аллахтын адамдарга парз кылган ибадаттарда жеңилдик кылышы болсо – Аллахтын мээриминин жана боорукердигинин бир көрсөткүчү. Ошого карабастан, Аллахтын буйруктарына баш ийбегендердин болсо акыретте «күчүм

жетпеди» же «оор болду», «ошол үчүн кыла албадым» деген сыяктуу эч кандай шылтоолору калбайт. (Аллах Куранда билдирген жана бир жоопкерчилик жүктөбөгөн адамдар мындан тышкары). Мисалы, даарат алуу абдан оңой кылынган. Ал тургай, эгер бир адам даарат алуу үчүн суу таба албаган учурда Аллах «таяммум кылууну» жол катары көрсөткөн жана таяммумду ар кандай шартта аткаруу абдан оңой. Аллах суу таба албагандардын кандайча таяммум кылышаарын бир аятында мындайча билдирет:

> **«... Эгер жүнүб (булганган) болсоңор жуунгула; эгер оорулуу же сапарда болсоңор же болбосо бирөөңөр ажатканадан келсе, же аялдарыңарды сылап-сыйпаласаңар жана (даарат же гусул үчүн) суу таппай калсаңар, анда таза жер кыртышына таяммум кылып (алаканыңарды уруп), аны менен (акырын) бетиңерди жана колуңарды сүрткүлө. <u>Аллах силерге машакат жаратууну каалабайт, бирок силерди тазартууну жана шүгүр кылуучу болушуңар үчүн силерге нематтарын толук берүүнү каалайт.</u>» (Маида Сүрөсү, 6)**

Аллах аятында да билдиргендей, Аллах адамдарга кыйынчылык чыгарууну каалабайт. Куранда билдирилген бүт нерселерде Аллах адамдар үчүн жеңилдиктер берген. Аллах адамдарга буйрук кылган ибадаттар ыйман келтиргендер үчүн абдан жеңил. Аллах чексиз мээрими жана ырайымы менен адамдар үчүн эң жеңил жана эң сонун ибадаттарды жана жашоо калыбын билдирген жана буга баш ийгендерди болсо Өзүнүн ыраазычылыгы, ырайымы жана бейиши менен сүйүнчүлөгөн.

## Согушта намаздын кыскартылышы

Куранда белгилүү бир убактар үчүн билдирилген жеңилдиктер да бар. Мисалы, Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав) доорунда каапыр коом менен куралчан согушка кирген момундардын ошол учурларда ибадаттарын аткаруулары үчүн Аллах бир жеңилдик көрсөткөн. Согуш учурунда момундардын намазды зарыл убактарда кыскарта алышаарын мындайча билдирген:

**Жер бетинде кадам басканыңарда (сапарга же согушка чыкканыңарда), каапырлардын силерге бир жамандык кылышынан корксоңор, намазды кыскартып окушуңарда силерге күнөө жок. Шексиз каапырлар силерге анык душман. (Ниса Сүрөсү, 101)**

Бул аяттан да байкалгандай, Аллахтын ар бир өкүмү жана ар бир буйругу бүт момундар үчүн өз-өзүнчө хикмат жана жакшылыктарга толо. Аллах кулдары үчүн кыйынчылык каалабайт. Аллах – момундардын чыныгы досу жана жалгыз өкүлү.

## Орозо үчүн берилген жеңилдик

Аллах Мусулмандарга Рамазан айында орозо кармоолорун буйрук кылган. Бирок Аллах аяттары аркылуу өзгөчө абалдарды, т.а. ооруп калуу, жолоочулук абалдарын да түшүндүрүп, адамдар үчүн кыйынчылык каалабаганын, жеңилдик каалаганын дагы бир жолу билдирген:

**«Рамазан айы... Адамдар үчүн хидаят болгон жана туура жолду жана (акыйкат менен жалганды бир-биринен) бөлгөн апачык далилдерди (камтыган) Куран ошол айда түшүрүлгөн. Демек ким бул айга күбө болсо (жашаса) анда аны (орозо) кармасын. Ким оорулуу же сапарда**

**болсо, башка күндөрү тутпаган күндөрүн толуктасын (тутсун). <u>Аллах силерге жеңилдик каалайт, оордук каалабайт</u>. (Мындай жеңилдик) санды толукташыңар (толук тутушуңар) жана силерди туура жолго (хидаятка) жеткиргени үчүн Аллахты улукташыңар үчүн. Шүгүр кылаарсыңар. (Бакара Сүрөсү, 185)**

Аллахтын өкүмдөрү менен байланыштуу аяттарында адамдар үчүн жеңилдик каалаганын билдириши диндин жеңилдигин ойлонуп, түшүнүү керек экенин да көрсөтөт. Кыйналам деп ойлоп, ибадаттарын аткаруудан качынгандар чоң жаңылыштык ичинде жана динди туура эмес түшүнүшүүдө.

## Аллах жоопкерчилик жүктөбөгөндөр

Аллахтын мээримдүүлүгүнүн дагы бир көрсөткүчү катары күчү жетпегендерге башка адамдарга жүктөлгөн милдеттер жүктөлгөн эмес. Аллах муну бир аятында мындайча билдирет:

**Сокурга кыйынчылык (жоопкерчилик) жок, чолокко да кыйынчылык жок, оорулууга да кыйынчылык жок. Ким Аллахка жана Элчисине моюн сунса, (Аллах) аны астынан суулар аккан бейиштерге киргизет. Ал эми ким жүз бурса, аны оор бир азап менен азаптандырат. (Фетих Сүрөсү, 17)**

Аллах майып адамдардын ибадат милдеттерин алып койуу менен мээримин жана чексиз боорукердигининин дагы бир далилин адамдарга көрсөтүүдө. Бир аятта Аллахтын адамдарга кыйынчылык чыгарбагандыгы жана мунун Анын боорукердигининин жана мээриминин бир көрсөткүчү экендиги мындайча билдирилүүдө:

**... Эгер Аллах каалаганда, силерге кыйынчылык чыгармак. Шексиз, Аллах күчтүү жана улуу, өкүм жана хикмат ээси. (Бакара Сүрөсү, 220)**

## Байкабастан айтылган анттарда көрсөтүлгөн жеңилдик

Ант ичүү – көбүнчө адамдар арасында көнүмүш адат катары кеңири жайылган бир кыймыл-аракет. Өзгөчө бирөөгө сөз берип жатканда, бир адам көнүмүш адат боюнча ант ичиши мүмкүн. Антка бекем туруу, берилген сөздү аткаруу болсо – Аллах Куранда буйрук кылган бир момун өзгөчөлүгү. Бирок адам унутчаак, кээде кыла турган бир ишин же берген сөзүн унутуп калышы мүмкүн. Бул – толук кадыресе, адамдын алсыздыгынан келип чыккан бир катачылык. Мына ушундай учурда Аллах, байкабастан, көнүмүш адат менен, жакшылап көңүл койбостон айтылган анттардан адамдарды жоопкерчиликтүү тутпастан, момундардын мойнунан мындай жоопкерчиликти алган. Берилген анттарга болгон бекемдик акыретте суралат, бирок Аллах Куранда өзгөчө абал деп билдиргендер – бул байкабастан жана максатсыз айтылган анттар. Аллах бир аятында муну мындайча билдирет:

**Аллах силерди антыңардагы «байкабастан айткандарыңар, бош, максатсыз сөздөрүңөрдөн» улам жоопкер кылбайт; бирок жүрөгүңөр менен айткандарыңардан сурайт (суракка алат). Аллах кечиримдүү, (пейили) жумшак. (Бакара Сүрөсү, 225)**

Аллах ант жөнүндө дагы бир жеңилдик берген. Бир максатта, билип туруп Аллах атынан ант берип, кийин бул антын бузгусу келгендер үчүн Аллах бир жеңилдик жолун көрсөткөн. Бул – анттардын кафарат менен жоюлушу:

**Аллах антыңардын (кафарат менен) бузулушун силерге парз (же шариятка ылайык) кылды... (Тахрим Сүрөсү, 2)**

**... бирок жүрөгүңөргө түйгөн сөзүңөрдөн (антыңардан) силерди жоопкерчиликтүү кылат. Анын (анттын)**

**кафараты (төлөмү) үй-бүлөңөрдү тамактандырган орточо тамак менен он кедейди тойгузуу же аларды кийинтүү же бир кулду азат кылуу. (Буларга мүмкүнчүлүгү) Жетпеген (үчүн) үч күн орозо кармоо (бар). Бул берген антыңарды (бузганыңарда) антыңардын төлөмү. Антыңарда тургула. Шүгүр кылуучу болушуңар үчүн Аллах силерге аяттарын ушинтип баян кылат. (Маида Сүрөсү, 89)**

Аяттардан көрүнүп тургандай, Аллах эки абалда тең адамдардын динге ылайык кыймыл-аракет кылуулары үчүн жеңилдик көрсөтүүдө. Сонун жана туура кадам – бул, албетте, антты аткаруу. Бирок бир адам берген сөзүн унутуп калышы мүмкүн же сөз берген убактагы шарттар өзгөрүп кетиши мүмкүн жана ал адам сөзүн аткара албай турган бир абалга түшүшү мүмкүн. Аллах адамдарга жеңилдик каалап, анттарга кафарат кылуу керек болгон абалдарды билдирип, ар бир адам үчүн бир жол көрсөткөн. Ошондой эле, антты бузууда кафарат сыяктуу бир шарттын буйрук кылынышы – адамдын абийиринин үнүн угушу үчүн да бир жеңилдик. Антын бузган адам кафарат төлөшү керек болгондуктан, «антымды чындап бузушум керекпи же болбосо сөзүмдү дагы деле болсо аткара аламбы» деп дагы бир жолу ойлонот, жана мунун натыйжасында абийирге эң ылайыктуу болгон жана эң туура чечимди алат.

Аллах динин абдан жеңил кылган. Ислам дини – дайыма жана бүт темада жеңилдиктердин дини. Адам чын ыкластан динчил болууну (дин менен жашоону), Раббибиздин немат-жакшылыктарына шүгүр келтирген бир кул болууну ниет кылганда, дин ахлагын жашоодо эч кандай кыйынчылыкка кабылбайт.

# АЛЛАХ ЖАРАТКАН СЫНОО АБДАН ЖЕҢИЛ

Дин ахлагынан алыс жашаган адамдар өмүр бою өздөрүнө ар кандай максаттарды коюшат. Бул максаттардын орток өзгөчөлүгү – бул көбүнчө алардын бул дүйнө жашоосуна байланыштуу болушу. Мисалы, адис бир доктор, ийгиликтүү бир инженер, жакшы ата, көп акча тапкан бир ишкер же дүйнөлүк деңгээлде атактуу бир искусство адамы болуу жана ушул сыяктуу максаттар көп адамдардын эң чоң идеалдарынан болуп саналат. Булардан башка дагы көптөгөн тармакта адамдар ийгилик, бактылуулук жана бейпил бир жашоого жете алуу үчүн аракет кылышат, кээде мал-жанын сарпташат жана өз ойлорунда «бир жерлерге келүүгө» аракет кылышат. Бирок бүт бул нерселерге чөмүлгөндө, бул дүйнөгө жаралышынын чыныгы максатын унутушат же билмексен болушат.

Чындыгында болсо, ар бир адам жашоосун жана бир күн келип сөзсүз өлөөрүн ойлонуп, өзүнө кээ бир суроолорду узатышы зарыл. «Мен бул дүйнөдө эмне үчүн жашап жатам?», «Жаралышымдын максаты эмне?» «(Мисалы) Балким жакшы бир архитектор болуп, көп сандагы имараттардын планын жасадым, байыдым, мал-мүлккө ээ болдум, бир наамга ээ болдум, атак-

даңкка жеттим, бирок булардын баары мага эмне алып келди? Мен өлгөндөн кийин булардын кайсынысынын бир мааниси болот? Бул дүйнөдө калтыргандарымдын мага акыретте кандай пайдасы болот? Өмүрүм ушул дүйнөдө эле бүтөбү?» Мына ушундай суроолор ар бир адамдын ага өлүм келбестен мурун өзүнө узатышы керек болгон суроолордун кээ бирлери.

Бул жерде бир нерсени айта кетүү керек; адамдар, албетте, кесип ээлери болушат, ал тургай өз кесибинде абдан ийгиликтүү болууну тилек кылышат жана бул үчүн аракет кылышат. Бирок булардын баарынын адамдын чыныгы, негизги максаты үчүн бир курал, инструмент экендигин унутпоо да абдан маанилүү. Бирок, чындыкта болсо, адамдардын көпчүлүгү жашоолорунун чыныгы максатын унутушат же көрмөксөн болушат жана бүт өмүрүн түпкүрүндө инструмент, курал гана болгон мындай утурумдук нерселерге арнашат.

Чынында болсо ар бир адам, бир саамга эле ойлонсо, жете ала турган абдан маанилүү бир чындык бар: Аллах дүйнөнү да адамдарды да бир хикмат (терең максат) менен жараткан. Адамдардын жаратылуу максаты – Куранда билдирилгендей, бир гана Аллахка кулчулук кылуу. Дүйнөнүн жаратылуу максаты болсо – бул адамдардын акыреттеги абалынын аныкталышы үчүн бир сыноо мекени болушу. Аллах бул чындыкты Куранда мындайча билдирет:

> **Ал, амал (иш-аракеттер) жагынан кайсыңардын жакшыраак болоорун сыноо үчүн өлүмдү жана жашоону жаратты. Ал бийик жана кудуреттүү, абдан кечиримдүү. (Мүлк Сүрөсү, 2)**

Аллах адамдарга бул дүйнөнүн убактылуу экенин жана түбөлүк жашай турган чыныгы мекендин акырет экенин түшүнүүлөрү үчүн абдан көп далил берген.

Мисалы, дүйнө жүзүндө жүздөгөн ар түрдүү оорулардын болушу, микроскопиялык бир вирустун өзүнөн миллиондогон эсе чоң бир адамдын денесине өлүмгө да алып бара тургандай таасир этиши, адамдын дайыма тазаланууга, тамак жегенге, эс алганга жана уйкуга муктаж болушу, адам өмүрүнүн орточо 60-70 жыл сыяктуу абдан кыска болушу, убакыттын адамды абдан картайтып, «эскиртүүчү» бир таасирде болушу, бүт адамдардын аягында сөзсүз өлүшү, өмүр бою жыйнаган мал-мүлк, атак-даңк, сүйгөндөрүнүн артта калышы, адамдын денесинин топурак ичинде чирүү процессине кириши сыяктуу көптөгөн себептер – адамдардын дүйнө жашоосунун утурумдук жана кемчиликтерге толо, адамдын рухун эч ыраазы кыла албай турган бир мекен экенин түшүнүүлөрү үчүн жетиштүү, негизи. Булардын баары адамдарды дүйнөгө байлануудан тосо турган абдан маанилүү чындыктар. Аллах Куранда дүйнөнүн «жөн эле» бир мекен катары жаратылпаганын, белгилүү бир хикмат, максат менен жаратылганын мындайча билдирет:

> **Биз асманды, жерди жана ал экөөсү арасындагыларды бир оюн жана алаксуу болсун деп жаратпадык. Эгер бир оюн жана алаксуу кылгыбыз келгенде, муну Өз Кабатыбыздан кылаар элек. Кыла турган болсок, ошондой кылмакпыз. (Анбия Сүрөсү, 16-17)**

Адам бир саамга ойлонгондо, бул дүйнөнүн түбөлүк жашала турган бир мекен эмес экенин, болгону бир сыноо мекени экендигин, бул жашоонун акыркы аялдама эмес, тескерисинче кыска мөөнөттүү бир токтоочу мекен экенин, бул утурумдук мекенде жашаган ар бир көз ирмеминен суракка алынаарын, эң негизгиси аны жоктон бар кылып жараткан Раббибиздин алдында жоопкерчиликтүү экендигин оңой гана түшүнө алат.

Муну түшүнгөн адам дагы бир баскыч алга кадам жасап,

төмөнкүнү ойлонушу керек: Аллах бул дүйнөдө адамдарды ар түрдүү окуялар менен, жамандык жана жакшылыктар менен сыноодо. Күн бою адам башынан өткөргөн окуялардын баары чындыгында өлүмдөн кийинки түбөлүк жашоодо жашай турган мекенин аныктаган сыноолордон турат. Жана Аллах ар бир адамга бул сыноодо бир жеңилдик кылган жана ага жолун, т.а. эмне кылышы керек экенин көрсөткөнүн билдирген:

> **Шексиз, Биз адамды аралашма бир тамчы суудан жараттык. Аны сынап жатабыз. Ошондуктан аны угуучу жана көрүүчү кылдык (кулак, көз бердик). Биз ага жолду көрсөттүк; (эми ал) же шүгүр кылуучу болот, же болбосо нашүгүр (шүгүр кылбагандардан болот). (Инсан Сүрөсү, 2-3)**

Аяттарда билдирилгендей, Аллах бүт адамдардын жашоолорунда сөзсүз алар үчүн туура жолду көрсөткөн, жана дин жана сонун ахлак жөнүндө маалыматка ээ болууларын камсыз кылган. Ар бир адам бул дүйнөнүн утурумдук бир мекен экенин жана акырети үчүн бул өмүрүн Аллахты ыраазы кыла тургандай жашашы керек экенин бир себеп аркылуу үйрөнөт. Кыскача айтканда, бул дүйнө жашоосу – бул адамдар кабарсыз болгон же ийгиликке жетүү үчүн эмне кылышы керек экенин билбеген бир сыноо эмес. Аллах ар бир доордо жөнөткөн элчилери (пайгамбарлары), мурда жөнөткөн китептери жана ар бир адамда жараткан абийир аркылуу адамдарга туура жолду көрсөтөт жана аларды туура эмес жолдон тосот. Аллахка ыйман келтирген, Ага толук баш ийген, бир гана Аллахты өзүнө дос жана өкүл туткан, ар бир окуяда Аллахка кайрылып, Ага тобокел кылган момундар үчүн Аллах жараткан ар бир сыноо абдан оңой жана көңүлдүү. Ыймандын сырын билгендер, Аллахка чындап ыйман келтиргендер үчүн бул дүйнө жашоосунун эч бир көз ирмеминде

кыйынчылык, азап, кайгы, оордук жок. Ар бир окуя Аллахка жакындоо жана бейишти андан да көбүрөөк үмүт кылуу үчүн бир немат-жакшылыкка айланат.

Чыныгы ыймандын шарттарынын бири – бул Аллахты абдан жакшы таануу жана билүү. Бир адам Аллахты канчалык жакшы тааныса, Аллахтын күч-кудуретин канчалык жакшы билсе, Аллах коркуусу (такыбалыгы) жана Аллахка жакындыгы да ошончолук күчтүү болот. Мисалы, Аллахтын кечиримдүү экенин билген бир адам эч качан ката жана кемчиликтеринен улам үмүтсүздүккө же пессимисттике түшпөйт. Аллахтын ырыскы берүүчү экендигин билген бир адам акча табууда ач көздүк кылбайт. Аллахтын ырыскы берүүчү экендигин билет; иштейт, аракет кылат, бирок ырыскы өлчөмүн Аллахтын аныктаганын жана өзүнүн аны өзгөртө албашын билип, буга баш ийип, көңүлү тынч болот. Ошондуктан, Аллахты билген жана тааныган бир адам үчүн дүйнө жашоосу абдан көп жеңилдик жана немат-жакшылыктарга толо; ал адам дайыма Аллахтын бир көрүнүшүн жана жаратуусундагы бир кооздукту көрүү менен жашайт. Кыскача айтканда, Аллахка өзүн тапшырган ыкластуу Мусулмандар үчүн Аллах жараткан сыноо абдан оңой жана көңүлдүү, кызыктуу.

## Аллах кечиримдүү

Аллахтын чексиз боорукердиги жана мээрими адамдар үчүн абдан чоң бир жакшылык. Себеби адам – капылетке түшүшү (алаксып калышы) мүмкүн болгон, унутчаак, жаңылышы, ката кетириши мүмкүн болгон бир жандык. Аллах чексиз мээрими менен адамдарга дайыма каталары үчүн Аллахтын кечиришин суроо жана тообо кылуу мүмкүнчүлүгүн берген. Аллахтын азабына кабылуу коркуусу менен күнөөлөрүнүн кечирилишин

ыкластуу, чын жүрөктөн каалаган ар бир адам Аллахтын аны кечиришин үмүт кыла алат. Себеби Куранда билдирилгендей, «Аллах тооболорду кабыл кылгысы келет» (Ниса Сүрөсү, 27). Аллах бир аятында кечиримдүү экенин мындайча билдирет:

**Ким бир жамандык кылып же напсисине зулумдук кылып, анан Аллахтын кечиришин суранса, Аллахтын кечиримдүү жана ырайымдуу экенин көрөт. (Ниса Сүрөсү, 110)**

Аллах кечиримдүүлүгү менен адамдарга жашоолору боюнча тынымсыз жаңы мүмкүнчүлүктөр берет. Адамдын милдети – бул кайра кылбай турган болуп катасынан кайтуу жана өлүм келээрден мурда абийиринин үнүн угуп, тообо кылуу. Аллах бир гана ыклассыз адамдардын тооболорунун кабыл алынбашын бир аятында мындайча билдирет:

**Ал эми күнөө кылып жүрө берип, качан алардан бирине өлүм келгенде гана «мен эми тообо кылдым» дей турган адамдардын жана каапыр бойдон өлгөндөрдүн тооболору кабыл кылынбайт. Андай адамдарга Биз жан ооруткан азапты даярдап койгонбуз. (Ниса Сүрөсү, 18)**

Аллахтын адамдардын күнөөлөрүн кечирүүчү болушу, жазаларын кечиктириши жана аларга жашоолору боюнча дайыма жаңы дагы бир мүмкүнчүлүк бериши – бул Анын адамдарга абдан чоң берешендиги, ырайымы жана мээриминин бир көрүнүшү. Эгер адамдар күнөөлөрү үчүн ошол замат суракка алынып, жазаландырылган болгондо, Аллах билдиргендей жер жүзүндө бир да тирүү жандык калмак эмес:

**Эгер Аллах адамдарды зулумдуктары үчүн (ошол замат) суракка тарткан болгондо, анын бетинде (жер жүзүндө) жандуулардан эчтеке калбайт эле; бирок аларды белгиленип коюлган бир мөөнөткө чейин кечиктирүүдө.**

**Алардын ажалдары жеткенде, бир саат кечиктирилбейт да, эртерээкке да жылдырылбайт. (Нахл Сүрөсү, 61)**

Ошондуктан, адамдар каталары же күнөөлөрү кандай гана болбосун, эч качан Аллах ыраазы боло тургандай бир кул боло алуу үчүн кеч калган болбойт. Адам жашоосу боюнча канчалык ката кетирген болбосун, динден канчалык алыс жашаган болбосун, ыкластуу, чын жүрөктөн тообо кылып, ыкластуу бир кул болгон болсо, өтмүштө кылган каталарын ойлонбой эле койсо болот. Мурда кылгандары – адамдар үчүн болгону сабак алуу, ошол эле каталарды кайра кылбоо, ошол сыяктууларды кайра жасабоо үчүн сабак алышы керек болгон эскерүүлөр гана. Аллах, эскертүү келип, туура жолду тапкан соң, ыкластуу пенделерин мурда кылгандарынан жоопкерчиликтүү кылбашын Куранда кабар берген:

**... Аллах өтмүштө (кылгандарын) кечирди. Бирок ким кайталаса, Аллах андан өч алат. Аллах улук жана күчтүү, өч алуучу. (Маида Сүрөсү, 95)**

**Ал каапырларга айткын: «Эгер жолдорунан кайтышса өтмүштө (кылган) нерселери кечирилет. Бирок кайра (эски жолуна, көнөөлөргө) кайтышса, мурдакы (коомдорго келген) сүннөт (т.а. азап) сөзсүз (алардын башына да) келет. (Анфал Сүрөсү, 38)**

Эч шексиз, бул – Аллах динде адамдарга тартуулаган абдан чоң бир жеңилдик.

## Аллах бүт дубаларга жооп берет жана ар бир адамга абдан жакын

Дин ахлагынан алыс коомдордо Аллахка дуба кылуу ар кандай батыл (жалган) ишеним жана ойдон чыгарылган кошумчалар менен оордоштурулган. Адамдар дайыма Аллахка кайрылууга

мүмкүнчүлүгү бар экенине карабастан, дуба үчүн убакыттар белгилеп алышкан же ортого ортомчуларды коюп алышкан. Аллах мындай батыл ишенимдерге карата адамдарга мындайча эскертүү берет:

> **Кабарың болсун; калыс (кошумчасыз) дин бир гана Аллахтын (дини). Андан башка достор туткандар (мындай дешет:) «Биз буларга бизди Аллахка көбүрөөк жакындаштырсын деп ибадат кылып жатабыз.» Албетте, Аллах алар талашкан нерселер жөнүндө араларында өкүм берет. Чындыгында Аллах жалганчы, каапыр адамды хидаятка (туура жолго) баштабайт. (Зүмер Сүрөсү, 3)**

Аллахка дуба кылуу үчүн ар кандай ортомчулар керек деп айткан адамдар чындыгында динди оор көрсөтүп адамдарды жолдон адаштырышууда. Себеби, «Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктар берип жатканын билебиз. Биз ага күрөө тамырынан да жакынбыз.» (Каф Сүрөсү, 16) аяты аркылуу билдирилгендей, адамга эң жакын болгон – бул дайыма Аллах. Б.а. адам ар дайым каалаган убагында Аллахка кайрыла алат, каалаганда Раббибизге үнүн угуза алат, дуба кылып жардам сурай алат.

Дуба кылуу үчүн атайын убакыттарды күтүшү да керек эмес. Дайыма, ар качан Аллахка дуба кыла алат. Антпесе, адам өз башынча эрежелер чыгарып алган болот. Адам бир жерден бир жерге баратканда, тепкичтен түшүп баратканда, соода-сатык кылып жатканда, тамак жасап жатканда, телевизор көрүп жатканда, лифтте баратканда, бир жерде күтүп турганда, кечинде жатканда, эрте менен турганда, тамак жеп жатканда, унаа айдап баратканда, кыскача айтканда, ар кандай жерде жана дайыма Аллахка дуба кылып, Аллахтан каалагандарын билдире алат. Бул үчүн оюнан өткөрүп коюшу да жетиштүү, себеби Аллах –

адамдын жүрөгүнүн түпкүрүндө сактагандарын да билүүчү, баарынан кабардар.

Ошону менен бирге, Аллахка дуба кылган ар бир адам Аллахтын дубаларга сөзсүз жооп берүүчү экендигин билиши зарыл. Аллах муктаж адамдардын дайыма Ага кайрылганда, иштерин жеңилдештирээрин төмөнкү аяты аркылуу билдирет:

**Же болбосо, зарыккан-муктаждын дубасына ким жооп берип, балээни ким кайтарат? Жана силерди жер бетине (ким) халифа-орун басар кылат? (Аллахпы) же Аллах менен (силер ага шерик кылган) башка «кудайбы»? Канчалык аз ойлоносуңар. (Намл Сүрөсү, 62)**

Аллах пенделерине берген мындай чексиз мүмкүнчүлүк – бул, албетте, Анын чексиз мээриминин бир көрүнүшү. Аллах Куранда адамдарга жакын экенин, Ага багытталгандардын Досу болоорун жана дуба кылгандын дубасына сөзсүз жооп берээрин көптөгөн аяттары аркылуу билдирүүдө. Бул аяттардын бири төмөнкүдөй:

**Эгер Менин пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, (айткын) Мен (аларга) жакынмын. Мага дуба кылышса, дуба кылуучунун дубасына жооп беремин. (Эми,) Мага да жооп беришсин жана ыйман келтиришсин. Туура Жолго түшүп калышаар. (Бакара Сүрөсү, 186)**

Момундар Аллахтын мындай мээрими жана жакшылыгы жөнүндө дагы бир жолу ойлонуп, Аллахтын ыраазычылыгына эң ылайыктуу жашашы зарыл. Себеби Аллах адамдарга берген мындай жеңилдик ушунчалык улуу жана чексиз бир мүмкүнчүлүк, ойлоп көрүңүз, бүт нерсенин, ааламдардын Ээси, Өкүмдары болгон жалгыз күч-кудуретке ээ Зат болгон Аллах адамдарга каалаган бүт нерселерге жооп берем деп убада кылууда. Жана Аллах эч качан убадасынан кайтпайт.

## Аллах эч кимге күчү жеткенден ашыкчасын жүктөбөйт

Бир адам жашоосунда кабылган окуялар ошол учурда ага канчалык кыйын көрүнсө да, чындыгында окуялардын баары ал адам сабыр кыла ала тургандай күчтө болот. Адамды жараткан жана ага рух берген – бул Аллах. Ар бир адамдын эмнеге, канчалык чыдай алаарын, канчалык жүктү жана кыйынчылыкты көтөрө алаарын да эң жакшы Аллах билет.

Аллах эч кимге көтөрө алгандан ашыкча жүктөлбөсүн жана эч кимдин адилетсиздикке кабылбашын көптөгөн аяттары аркылуу билдирген:

**Аллах эч кимге күчү жеткенден ашыкчасын жүктөбөйт. (Адамдын напсисинин) Пайдасы да өз иши, зыяны да өз иши... (Бакара Сүрөсү, 286)**

**Ыйман келтирип, ыкластуу амалдарды кылгандар бейиштин калкы. Биз эч кимге күчү жеткенден ашыкчасын жүктөбөйбүз. Ал жерде (бейиште) түбөлүк калышат. (Араф Сүрөсү, 42)**

Эч шексиз, ар бир адамдын сабыр кыла ала турган, тобокел кыла ала турган окуялары бирдей болбошу мүмкүн. Көп адамдар ар кандай окуялар менен сыналышат. Бирок баары бир Аллах ар бир адам үчүн күчү жеткен деңгээлде бир сыноо кылат. Мисалы, кээ бир адам дүйнөдө кедей абалда жашайт жана жокчулук ичинде канчалык сабыр кылаары сыналат. Кээде болсо байлык жана бардарчылык ичинде жашайт жана мындай жашоо ичинде канчалык шүгүр кылуучу, канчалык сонун ахлактуу экендиги менен сыналат, дүйнө жашоосуна ачкөздүк менен байланып байланбашы сыналат. Бирок, кандай гана болбосун, бай да, абдан жакыр жашап жаткан да өздөрү үчүн эң жакшы (эң кайырдуу) жашоону жашап жаткандыр. Жакыр адам канчалык кыйналса да,

бул ал чыдай албай турган бир кыйынчылык эмес. Ошол сыяктуу, бай адам да канчалык бай болсо да, бул аны көөп, нашүгүр бир адам болушуна мажбурлай албайт. Бул адамдардын Аллахка болгон жакындыгы, сурак күнүнөн болгон коркуусу алардын Куран ахлагын жашаган, диндин буйруктарын аткарган адамдар болушун камсыз кылат. Мындай адамдар кабылган ар бир окуясында дайыма Аллахка багытталышып, Андан жардам сурап, бир гана Раббибиздин ыраазычылыгын максат кылышат. Мындай адамдар эч качан кыйынчылыктардан жалтанышпайт, сыналган окуялары канчалык оор болсо да динден алысташпайт. Мындай Аллахка таянып ишенген адамдар үчүн Аллах чексиз боорукердиги жана мээриминин бир көрсөткүчү катары ар бир окуяны, эң оор көрүнгөнүн да жеңилдештирет. «Ким ыйман келтирип, ыкластуу амалдарды кылса, ал үчүн сонун сыйлык бар. Ага буйругубуздан жеңилин айтабыз.» (Кехф Сүрөсү, 88) аятында да бул билдирилген. Аллах бул чындыкты башка аяттарында мындайча кабар берген:

**Бирок ким (кайыр-садака) берсе жана коркуп-сактанса, жана эң сонун нерсени тастыктаса, Биз ага жакшылыкты жеңил кылабыз. (Лайл Сүрөсү, 5-7)**

Аллахка таянып ишенбегендерге болсо оңой окуялар да оор сезилет. Аллах мындай адамдардын нашүгүрдүгүнө, динден баш тартышына, Куран ахлагынан алысташына жооп катары аларга дүйнө жашоосунда дайыма кыйынчылык берет:

**Ал эми ким сараңдык кылса жана өзүн жетиштүү көрсө (сооп керек эмес десе), жана эң сонунду (ыйманды) жалган десе, Биз ага эң оорду (азапка кабылышын) жеңил кылабыз. (Тозокко) Оңкосунан сайылган убакта мал-мүлкү ага эч кандай пайда бербейт. Албетте, Биздин ишибиз жол көрсөтүү. (Лайл Сүрөсү, 8-12)**

## Аллах ар бир кыйынчылык менен бирге бир жеңилдик жаратат

Аллах дүйнө жашоосунда адамдарды сынап жатканда, чексиз мээриминин бир натыйжасы катары ар бир кыйынчылык менен бирге сөзсүз бир жеңилдик жаратаарын да сүйүнчүлөгөн. Аллах аяттарында бул сүйүнүчтүү кабарды мындайча билдирет:

**Демек, чындыгында кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. Чындыгында, кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. (Инширах Сүрөсү, 5-6)**

Куранда пайгамбарлардын жана ыкластуу момундардын жашоолорун караганыбызда, алар кабылган кыйын сыяктуу көрүнгөн ар кандай абалда Аллахтын сөзсүз бир жеңилдик жаратканы көңүлүбүздү бурат. Аллах «Фаттах» сыпаты менен ар кандай кыйынчылыктарда жол ачуучу, жеңилдештирүүчү.

Куранда Аллах жолунда аракет кылып жатышканда кабылган начар мамиле жана кол салуулар себебинен жашаган жерин таштап көчүүгө мажбур болгон, б.а. хижрат кылган момундар мисал берилет. Бул адамдар бардык иштерин, үйлөрүн, бакчаларын, мал-мүлкүн таштап, эч билбеген жерлерге, эч тааныбаган адамдардын жанына көчүүгө мажбур болушкан. Бул сырттан караганда оор бир абал. Бирок Аллах Ниса Сүрөсүндө хижрат кылган момундардын абалын жеңилдештиргенин жана аларга немат-жакшылыктар бергенин мындайча билдирет:

**Аллах жолунда хижрат кылган жер жүзүндө жашай турган көп мекен да табат, береке (жана бардарчылык) да. Аллахка жана Элчисине хижрат кылуу үчүн үйүнөн чыккан, кийин ага өлүм келген адамдын сооп-сыйлыгын, шексиз, Аллах берет. Аллах кечиримдүү, мээримдүү. (Ниса Сүрөсү, 100)**

Аллах бул убадасын Пайгамбарыбыз (сав) доорунда жашаган момундарга апачык көрсөткөн. Дүнүйөлүк баалуулуктарга маани бербеген сахабалар Аллах жолунда өз мал-мүлктөрүнөн эч аябастан, ар кандай кыйынчылыктарга ыраазы болушкандыктан, Аллах мындай сонун ахлактарына сыйлык катары аларга эң сонун ырыскыларды берген жана жашаткан. Алардын бүт иштерин башка адамдарга караганда жеңилдештирген. Сахабалар жашаган мындай жеңилдик жана Аллахтын ырайым, мээримин Аллах бир аятында төмөнкүдөй кабар берет:

**Эстегиле; силердин саныңар аз эле жана жер жүзүндө алсыз болуп калган элеңер, адамдардын силерди тутуп-кармап алышынан коркуп жүргөн элеңер. Ал (Аллах) силерди жайгаштырган эле, силерди жардамы менен колдоду жана шүгүр кылышыңар үчүн силерге таза нерселерден ырыскылар берди. (Энфал Сүрөсү, 26)**

Башка пайгамбарлардын жашоолорундагы көптөгөн мисалдар да Аллах момундарга берген жеңилдиктердин апачык көрсөткүчтөрү.

Мисалы, Аз. Йусуфтун жашоосундагы көп окуяда Аллах мээрими менен берген мындай жеңилдик көрүнүүдө. Аз. Йусуф андан кызганган бир туугандары тарабынан кудукка ташталгандан кийин кудуктун жанынан өтүп бараткан бир кербен тарабынан табылган. Аз. Йусуфту кудуктан куткарган адамдар аны кул катары бир вазирге сатышкан. Бир топ убактан кийин Аз. Йусуф эч кандай кылмышы болбогонуна карабастан, ага жабылган жалаалар себебинен түрмөгө (зынданга) камалган. Аз. Йусуфтун жашоосундагы мындай окуялар бир караганда абдан оордой көрүнүшү мүмкүн. Бирок Аллах Аз. Йусуф көрсөткөн сонун ахлагы жана тобокелдүүлүгү үчүн ага дүйнөдө да сыйлыктар берүү аркылуу, кыйынчылыктар менен бирге сөзсүз

жеңилдиктер кылаарын көрсөткөн. Аз. Йусуф башына келген көптөгөн терс, жамандык сыяктуу көрүнгөн окуялар себебинен казынанын башчылыгына дайындалып, маанилүү бир башкарма болгон.

Аллах Аз. Мусанын жашоосунда да кыйынчылыктар менен бирге жеңилдиктер кылуу менен момундарды колдогон. Аз. Муса адамзат тарыхында жашаган эң чектен чыгып, көпкөн адамдардын бири фараон менен болгон күрөшүндө да Аллахтын жардамы жана колдоосу менен жеңишке жетишкен. Аллах ага бир тууганы Харунду бир жардамчы кылып бериши үчүн дуба кылган Аз. Мусанын дубасына жооп берген. Мындан тышкары, Аллах Аз. Мусаны кереметтүү кээ бир окуялар менен да колдоп, анын фараондун сыйкырчыларын жеңишин камсыз кылган. Аз. Муса да эң оор шарттарда да Аллахтын жардамынын ыйман келтиргендер менен бирге экендигин унуткан эмес. Бир тараптан фараондун аскерлери кууп келатканда, экинчи тараптан деңизге туш келген Аз. Муса жанындагы момундарга Аллахтын жардамынын дайыма жанында экенин айткан жана Аллахтын сөзсүз бир чыгуу жолун көрсөтөөрүн эстеткен:

> **(Муса:) «Жок» деди. «Шексиз, Раббим мени менен бирге; мага жол көрсөтөт.» Анан (Биз) Мусага: «Асаң менен деңизди ур» деп вахий кылдык. (Урду жана) Деңиз ошол замат экиге бөлүндү да ар бир бөлүгү чоң бир тоодой болду. Беркилерди да ал жерге жакындаттык. Мусаны жана анын жанындагыларды куткардык. Кийин беркилерди сууда чөктүрдүк. (Шуара Сүрөсү, 62-66)**

Пайгамбарлардын жашоосунан дагы бир мисал болсо – бул Аз. Мухаммеддин (сав) артынан мушриктер кууп баратканда, бир үңкүргө жашырынганда жанында бир момундун болушу. Пайгамбар Мырзабыз Аз. Мухаммеддин Аллахка шерик кошкондордон келген кооптуу абалда турганда, жанында

жардамчы бир момундун болушу – бул Аллах ага тартуулаган жеңилдиктердин бирөөсү:

**Силер Ага (пайгамбарга) жардам бербесеңер, Аллах Ага жардам берген. Каапырлар экөөнүн бири абалда Аны (Меккеден) чыгарышкан эле; экөөсү үңкүрдө турушканда курдашына мындай деген эле: «Кайгырба, албетте Аллах биз менен бирге.» Ушундайча Аллах Ага «бейпилдик жана ишеним сезимин» түшүргөн эле, Аны силер көрбөгөн ордолор (аскерлер) менен колдоп, каапырлардын сөзүн (каапырчылыкка чакырыктарын) төмөн кылган эле. Чындыгында Аллахтын сөзү – Улук. Аллах улуу жана күчтүү, өкүм жана хикмат ээси. (Тообо Сүрөсү, 40)**

Чынында адам хикмат көзү менен караганда, жашоосунун ар бир көз ирмеминде Аллах ал үчүн жараткан жеңилдиктерди көрө алат. Бирок бул чындыкты көрө алган адамдар – бул Аллахтан коркуп сактанган, Аллахка тобокел кылган, ар кандай кыйынчылыкка кабылганда, анын тагдырында экенин билип, жалгыз дос жана велисинин Аллах экенине ыйман келтиргендер. Аллах аяттарында мындай кулдарына күтпөгөн жерлерден ырыскы берип, алардын ишин жеңилдетээрин билдирет:

**... Муну менен Аллахка жана акырет күнүнө ыйман кылгандарга кеңеш-сабак берилет. Ким Аллахтан коркуп-сактанса, (Аллах) ага бир чыгуу жолун көрсөтөт; жана ага күтпөгөн бир тараптан ырыскы берет. Ким Аллахка тобокел кылса, Ал ага жетиштүү. Албетте Аллах Өз буйругун аткарып-ишке ашыруучу. Аллах бүт нерсе үчүн бир өлчөө кылган. (Талак Сүрөсү, 2-3)**

**Кеңири мүмкүнчүлүктөрү болгон, нафаканы кеңири мүмкүнчүлүгүнө жараша берсин. Ырыскысы чектүү да, Аллах ага бергенине ылайык берсин. Аллах эч бир**

**жанга ага бергенден ашыкча жоопкерчилик жүктөбөйт. <u>Аллах бир кыйынчылыктын артынан бир жеңилдик берет</u>. (Талак Сүрөсү, 7)**

Аллах аяттарында да билдиргендей, Аллах койгон өкүмдөрүнө чын жүрөктөн (ыкластан) баш ийгендер үчүн сөзсүз бир жеңилдик жаратат. Буга ыйман келтирген момундар эч качан кыйынчылыктар алдында жалтанышпайт.

Аллах Инширах Сүрөсүндө да ар бир кыйынчылык менен бирге бир жеңилдик бар экенин жана Өзүнүн адамдын үстүндөгү жүктү алып салуучу экендигин мындайча сүйүнчүлөгөн:

**Биз сенин көкүрөгүңдү ачып-кеңейтпедикпи? Жана жүгүңдү азайтып-алып салбадыкпы? Ал (жүк) сенин белиңди бүккөн эле; Сенин зикириңди (атак-даңкыңды) көтөрбөдүкпү? Демек, чындыгында кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. Чындыгында, кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. (Инширах Сүрөсү, 1-6)**

## Аллах момундарга көрүнбөс жана сезилбес жолдор аркылуу жеңилдик жана жардам берет

Башында да айтылгандай, бул дүйнө бир сыноо мекени катары жаратылган. Бүт адамдар бул жерде Аллахка жана акырет күнүнө болгон ишенимдери менен сыналышууда. Аллах жараткан мындай сыноо чөйрөсүнүн бир талабы катары, сырттан караганда жамандык кылгандар да, жакшылар да бирдей шарттарда жашап жаткандай көрүнөт. Чынында болсо, Аллахка ыйман келтиргендердин жашоосу динди жокко чыгаргандардын жашоосунан такыр башкача. Мурдараак да айтылгандай, Аллах ыйман келтирген пенделерине дайыма жеңилдик берет, алардын иштерин жеңилдештирет, кыйын учурларда да сөзсүз андан чыгуу жолун көрсөтөт. Бул – Аллахтын ачык жардамы.

Бирок Куранда Аллахтын кулдарына сезилбес жолдор менен жардам берээри, аларга күтпөгөн жерден колдоо жана жеңилдик берээри да кабар берилген. Аллах Куранда билдирген бул жардамдарды бир канча топторго бөлүп мисал келтирүүгө болот.

## Аллах момундарга периштелер аркылуу жардам жөнөтөт

Аллахтын момундарга болгон жардамы ар кандай түрлөрдө болот. Аллахтын жардамдарынын бири – бул периштелерди оор шарттарда момундарга жардамга жөнөтүшү. Аллах Куранда мындай жардамды Пайгамбарыбыз (сав) доорунда болгон бир окуяны мисал келтирүү менен кабар берүүдө:

**Сен момундарга: «Раббиңердин силерге периштелерден түшүрүлгөн үч миң киши менен жардам жеткириши силерге жетпейби?» деп жаткан элең. Ооба, эгер сабыр кылсаңар, сактансаңар жана алар да күтпөгөн жерден кол салып калышса, Раббиңер силерге периштелерден беш миң киши менен жардамын жеткирет. Аллах муну (жардамды) силерге бир гана сүйүнүчтүү кабар болсун жана жүрөктөрүңөр муну менен бейпил болсун деп кылды. Жардам жана жеңиш бир гана улуу жана күчтүү, өкүм жана хикмат ээси Аллах Кабатында. (Али Имран Сүрөсү, 124-126)**

Аллах дагы бир аятында болсо момундарга көрүнбөгөн аскерлер менен да жардам бергенин баяндаган:

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахтын силерге берген нематын эстегиле. Силерге ордолор (душман аскерлери) келген эле; Биз алардын үстүнө бир шамал жана силер көрбөгөн аскерлер жөнөткөн элек. Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. (Ахзаб Сүрөсү, 9)**

Аллахтын Куранда момундардын дайыма жеңишке жетишээрин билдириши – момундар үчүн сонун жана күч-кубат берүүчү бир убада. Бирок бул жерде бир нерсени да айта кетүү зарыл. Ар бир жардам Аллахтан жана эч шексиз күч-кудуреттин баарынын ээси бир гана Аллах. Момундар чыныгы жеңиш жана жардамдын Аллахка тиешелүү экенин билишет. Периштелердин жардамчы болушунун болсо Аллахтын бир сүйүнчүсү, аларга жардам жана колдоосунун периштелердин жардамы абалындагы көрүнүшү экенин эч унутушпайт. Себеби Раббибиз аяттарында бул чындыкты мындайча эске салат:

**Силер Раббиңерден жардам сурап жаткан элеңер, Ал: «Шексиз, Мен силерге бири-биринин артынан миң периште менен жардам беремин» деп жооп берген эле. Аллах муну бир гана бир сүйүнүчтүү кабар жана жүрөктөрүңөр бейпил болсун үчүн кылган эле; Аллахтын Кабатынан башкасында нусрет (жеңиш жана жардам) жок. Эч шексиз, Аллах улуу жана күчтүү, өкүм жана хикмат ээси. (Энфал Сүрөсү, 9-10)**

Аллахтын каалаган пендесине, каалагандай жол менен жардам берээрин билген момундардын эң оор шарттарда да ичтеринде бир ишеним жана бейпилдик сезими болот. Мындай маанай ичинде руханий жактан абдан сонун бир өмүр сүрүшөт.

## Аллах момундарды душмандарына каршы колдойт

Аллахтын каалоосу менен ыйман келтиргендердин саны бүт доорлордо дайыма аз болгон. Бирок жеңүүчүлөр – сан жагынан көп болгондор эмес, дайыма момундар. Момундар Аллах берген акыл, баам-парасат, көрөгөчтүк, сонун ахлак сыяктуу немат-жакшылыктар менен дайыма каапыр адамдарга каршы ийгиликке

жетишкен. Ошондой эле, Аллах кээде момундарды каапырлардын көзүнө сан жагынан жана күч-кубат жагынан да көп көрсөткөнүн жана мунун каапырларда жалтануу жана коркууга себеп болгонун да кабар берген. Аллах аяттарында Асры Саадет доорунда болгон мындай бир окуяны төмөнкүдөй билдирет:

**Бетме-бет келгениңерде Аллах боло турган ишти ишке ашыруу үчүн аларды силердин көзүңөргө аз көрсөтүп, силерди алардын көзүнө көп көрсөттү. Жана (бардык) иштер Аллахка кайтарылат. Эй ыйман келтиргендер, кутулууга жетүү үчүн бир коомго жолукканыңарда чыдамдуу болгула жана Аллахты көп эстегиле. (Энфал Сүрөсү, 44-45)**

Аз сандагы момундун каапырлардын көзүнө абдан күчтүү жана жеңилиши кыйын, көпчүлүк бир коомдой көрүнүшү, эч шексиз, Аллахтын кереметтеринин бири жана ошол эле учурда момундар үчүн да абдан чоң бир жеңилдик болгон. Ушундайча Аллах момундарды ийгиликке жеткирген.

Ошондой эле, Аллах башка аяттар аркылуу Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммедге (сав) Өзү каалаганда момундардын күч-кубатын эсе эсе көбөйтөөрүн билдирген. Сабыр кылгандары үчүн ыймандуу пенделерине үмүт кылгандарынан бир топ чоң бир күч жана жеңиш берээрин мындайча убада кылган:

**Эй пайгамбар, момундарды согушка даярдап-чакыр. Эгер араңарда сабыр кылган жыйырма (адам) болсо, эки жүз (адамды) жеңет. Жана эгер араңарда жүз (сабырдуу адам) болсо, каапырлардан миңин жеңет. Себеби алар (чындыкты) аңдап-түшүнбөгөн бир коом. Эми Аллах силерден (жүгүңөрдү) жеңилдетти жана силерде бир алсыздык бар экенин билди. Силерден жүз сабырдуу (адам) болсо, (алардын) эки жүзүн кыйратат; эгер**

**силерден миң (адам) болсо, Аллахтын уруксаты менен, (алардын) эки миңин жеңет. Аллах сабыр кылуучулар менен бирге. (Энфал Сүрөсү, 65-66)**

Аллах, жогорудагы аяттарда билдиргендей, Пайгамбарыбыз (сав) доорунда момундарды, куралдуу согуштун ичинде болушкандыктан, каапырлардын көзүнө сан жагынан жана күч-кубат жагынан көп жана күчтүү кылып көрсөтүү менен момундарды колдогон. Себеби Аллах – момундардын дайыма досу жана жардамчысы. Каапырлардын саны канчалык көп болсо да, канчалык көп күчкө ээ болушса да, түпкүрүндө бүт күч-кудуреттин баары Аллахка тиешелүү. Аллах – бир гана «Бол» деген буйругу менен каалаганын жасоочу. Аллахка таянып ишенген, Анын чексиз күч-кудуретин, бүт нерсеге күчү жетүүчү экенин аңдап-түшүнө алган адамдар дайыма көңүлдөрү бейкапар болот.

**Аллах момундардын жүрөктөрүнө ишеним жана бейпилдик сезимин салат**

Аллах Энфал Сүрөсүндө Пайгамбарыбыз (сав) доорунда болгон бир кыйынчылык учурунда момундарга берген руханий колдоосун мындайча кабар берет:

**Ошондо силерди Өзү тарабынан тынчтык бейпилдик болушу үчүн уйку (уйкусуроо) менен ороду. Жана жүрөгүңөрдү, кадамыңарды аны менен бекемдеп, силерден шайтандын азгырыгын кетирип, таза-пакиза кылуу үчүн үстүңөргө асмандан жамгыр жаадырды. (Энфал Сүрөсү, 11)**

Аятта билдирилген «уйку ороду» сөзү эч шексиз руханий бир уйкуга ишарат кылууда. Аллах кыйынчылык убагында ыкластуу пенделерине ушундай бир руханий абал берген жана мындай

руханий колдоонун натыйжасында момундар бейпилдик, ишеним жана чечкиндүүлүк сезимин жашашкан.

Негизи мындай бейпилдик жана ишеним сезими момундардын бүт жашоосуна өкүмчүлүк кылат. Аллахка жана акыретке ыйман келтирген адамдар Аллахтын бүт нерсенин жалгыз өкүмдары, ээси экенин билишкендиктен, ансыз деле кандай окуяга кабылса да дүрбөлөңгө түшпөйт, кыйынчылык жана азап тартпайт. Раббибиздин бүт нерсени алар үчүн эң жакшы боло турган, акыреттерине эң пайдалуу боло турган негизде жаратканын билишет.

«Эгер Аллах силерге жардам берсе, силерди эч ким жеңе албайт жана эгер силерди жападан жалгыз жана жардамсыз таштаган болсо, андан соң силерге ким жардам берет? Демек момундар бир гана Аллахка тобокел кылышсын.» (Али Имран Сүрөсү, 160) аятына чындап ыйман келтиришет жана тобокелдүүлүктүн руханий бейпилдиги ичинде өмүр сүрүшөт. Башына келген кыйынчылык канчалык чоңдой көрүнсө да, баары бир баарынын утурумдук экенин билишет. Себеби дүйнө жашоосунун түбөлүк акырет жашоосуна салыштырганда абдан кыска бир убакыт экенин унутушпайт.

Бул дүйнөдө адамдын башына келе турган кыйынчылык адамдын бүт өмүрү бою уланса да, эң көп 50-60 жыл болот. 50-60 жыл тобокелдик жана сонун ахлак менен өткөрүлгөн бир өмүрдүн түбөлүк бейиш жашоосундагы сыйлыгы болсо, эч шексиз, такыр башкача болот. Бейиште момундар эч кандай кыйынчылык, азап, жокчулук, тажоо, кыйноого кабылышпайт, тескерисинче чексиз коооздуктар ичинде көңүлдөрү каалаган нерселердин баарына жетишет.

Мына ушул чындыкты билип, түшүнүү ыйман келтирген бир адамдын ар кандай окуяда бекем, күчтүү бир тобокелдик менен

жашашына себепчи болот. Мунун руханий бакыт жана кубаныч сезими да бул дүйнөдөгү эң чоң жеңилдиктердин бири.

Бүт жүрөктөр жана бүт күч-кудуреттин Аллахтын колунда экенин унутпоо керек. Аллах каалаганда, каалаган окуясын, каалаган абалда жаратат. Бейпилдик жана ишеним издеген адам, Аллах бермейинче, эч кайсы жол менен ага жете албайт. Куран ахлагын жашоонун адамдарга берген жеңилдиги – бул адамдын бүт нерсенин Аллахтын буйругунда экендигин билиши. Бүт ишинде Аллахка багытталган, ар бир ишинин сыйлыгын бир гана Аллахтан күткөн адам дайыма Аллахтын жардамына жана колдоосуна ар кандай жолдор аркылуу жолугат.

> **Жок, силердин мевлаңар (кожоюнуңар) – бул Аллах. Ал – жардам берүүчүлөрдүн эң жакшысы. (Али Имран Сүрөсү, 150)**

# КУРАН АХЛАГЫН ЖАШООНУН ЖЕҢИЛДИГИ

**Аллах (оор жүктөрдү) силерден жеңилдетүүнү каалайт: (себеби) адам алсыз жаратылган. (Ниса Сүрөсү, 28)**

Башкалар үчүн өз мал-жанын аябоо, боорукердик кылуу, жөнөкөйлүк, чынчылдык, сонун сөз айтуу, кедейди тойгузуу, сөзүндө туруу, алынган бир аманатты убактысында кайтаруу, кадырдуу, көрөгөч, кичипейил, жумшак, кечиримдүү, тобокелдүү, сабырдуу, жоомарт, башкаларга урмат көрсөткөн адам болуу, башкалардын акысын жебеш, алдамчылык кылбоо, адамдарды басынтпоо сыяктуу сонун өзгөчөлүктөр Аллах адамдарга буйрук кылган Куран ахлагынын талаптарынын кээ бирлери.

Негизи адамдардын баары абийиринде Аллах ыраазы боло турган сонун ахлак кандай экенин абдан жакшы билишет. Бирок шайтан адамдардын көпчүлүгүнө бул ахлакты жашоо кыйын жана мүмкүн эмес деп көрсөтөт. Ал тургай, сонун ахлактын өмүр бою бүт темада ишке ашырылышы бир гана пайгамбарларга жана сахабаларга тиешелүү бир артыкчылык деп кабыл алынат.

Караңгы коомдун кээ бир сонун ахлак өзгөчөлүктөрү болсо пахтанын жибине байланган сыяктуу; кичинекей сокку болгондо эле үзүлөт. Мисалы, эң мырза жана токтоо деп билинген бир адам да «өз кызыкзычылыгым тебеленди» деп ойлогон бир темада катуу ачууланып, өзүн кармай албаган, урушчаак мамилелерге барышы мүмкүн. Кичинекей бир нерсеге да сабыр кылууну билбейт. Учурдагы коомдордо адамдар көбүнчө ушундай туура эмес ахлак түшүнүгүнө ээ. Көпчүлүк бири-бирине окшош мамилелер жасашкандыктан, караңгылык ахлагынын натыйжалары болгон; өзүмчүлдүк, өз кызыкчылыгы үчүн башкаларды эзүү, алдамчылык, көз бойомочулук, эки жүздүүлүк, таш боордук, шылдыңчылдык, кычкылдык, кызганчаактык сыяктуулар толук кадыресе өзгөчөлүктөрдөй кабыл алынат. Ал тургай бир адам өзүн мүнөздөп жатканда, «мен абдан ачкөз, кызганчаак жана сараңмын» деген сыяктуу абдан жаман өзгөчөлүктөрдү кулк-мүнөзүнүн маанилүү жана жакшы бир бөлүктөрү сыяктуу санашы мүмкүн. Ошондуктан адамдардын көпчүлүгү көбүнчө бири-бирин жана өздөрүн ушундай терс өзгөчөлүктөрү менен кабыл алышат.

Ал тургай, эл арасында көбүнчө «бир адам 7 жашында кандай болсо 70инде да ошондой» деген сөз колдонулат. Мындай туура эмес түшүнүк боюнча, жаман өзгөчөлүктөрдүн, кулк-мүнөздүн, көнүмүш адаттардын өзгөрбөшү, өмүр бою бирдей калышы кадыресе кабыл алынат. Чындыгында болсо, жогоруда да айтылгандай, Аллах адамды дин табиятына ылайыктуу жараткан. Ошондуктан адамдын табиятында сонун ахлакты башкалардан көрүүдөн жана аны кылуудан ырахат алуу бар. Башка жолдор болсо оор жана адамдарга азап берет. Жакын тарыхыбыздын маанилүү Ислам аалымдарынын бири Бедиүззаман Саид Нурси «Шуалар» аттуу эмгегинде ыймандуу жашоонун оңой экенин жана

каапырчылык (динди жокко чыгаруу) адам жашоосуна алып келген кыйынчылыктарга мындайча көңүл бурат:

*«Ыйман жана тавхид (Аллахтын жалгыздыгы) жолу – абдан кыска жана туура жол жана чындык жана оңой. Жана каапырдык жана чындыктан баш тартуу жолдору – бир топ узун жана кыйын жана коркунучтуу. Демек мындай багыттуу жана хикматтуу жана бүт нерседе эң кыска жана оңой жолго багытталган мындай ааламда, албетте ширк (Аллахка шерик кошуу) жана каапырчылыктын чындыкка тиешеси жок жана ыйман жана тавхиддин акыйкаттары бул ааламга күн сыяктуу керектүү жана важиб (зарыл). Адам ахлагында да эң оңой, эң пайдалуу, эң кыска, эң бекем жол болсо сыраты мүстакимде (туура жолдо), багытталууда.» (Şualar, s. 490).*

Бедиүззаман дагы бир сөзүндө да бул жөнүндө мындай баяндаган:

*«Каапырчылык жолунда басуу – муз үстүндө басуудан кыйыныраак жана коркунучтуураак. Ыйман жолу болсо суудa, абада, жарыкта басуу жана сүзүү сыяктуу абдан оңой жана кыйынчылыксыз.» (Mesnevi-i Nuriye, s. 71)*

Ыймансыз бир жашоодо адам балким бир катар ырахаттар алышы мүмкүн. Бирок булар абдан кыска жана сөзсүз артынан азап жана кыйноо алып келет. Адам канчалык байлык, бардарчылык, сулуулук, ырахат ичинде жашаса да, эгер ыйманы жок болсо булардын баарынан бир күн ажырайм деп ойлонуп, андан азап чегет. Ээ болгон нерселеринин баарынан же бул дүйнөдө кабылган бир окуя натыйжасында ажырайт же болбосо бир күнү өлгөндө сөзсүз булардан алыстайт. Б.а. акыретке ыйман жана Аллахка тобокелдик жок бир жерде чыныгы бейпилдик жана ырахаттын жашалышы эч мүмкүн эмес. Саид

Нурси ыйман жана сонун ахлак болбогондо, адамдын кандай натыйжага кабылаарын мындайча баяндайт:

*«Жашоо болсо эгер ыйман болбосо же баш көтөрүү менен ал ыйман таасир этпесе; жашоо сырттан көрүнгөн жана кыска бир ырахат жана жыргал менен бирге, миңдеген эсе ал ырахат жана жыргалдан көп азап, кыйынчылык, тынчсыздануулар берет.» (Sö zler, s. 151)*

Сонун ахлак болсо адам үчүн эң оңойу жана эң сонуну. Ыйман жолун тандаган адамдар үчүн бул жашоолорунан баштап акыретте да уланган үзгүлтүксүз бир ырахат, кубаныч жана бейпилдик бар. Кандайдыр бир муктаждыктары болсо да мунун утурумдук экенин, дүйнөдө кемчиликтүү болгон бүт нерсенин акыретте түбөлүк ага убада кылынганын билүүнүн эч түгөнбөс кубанычын жашашат. Түбөлүк немат-жакшылыктарга жете алуу үчүн жасашы керек болгон милдети болсо абдан оңой; Куранга жана абийиринин буйруктарына баш ийүү, Аллахтын каалоосу менен, аларды түбөлүк кооздуктар жана үзгүлтүксүз нематтардын мекени болгон бейишке жеткирет.

## Абийирлерин (выждандарын) уккандар дайыма утушат

Унаа жолунда бараткан унааларды элестетиңиз... Ар биринин ичинде ар кандай элдерден, ар кандай жумуштарда иштеген, кулк-мүнөздөрү ар башка, алган билимдери, көрүнүштөрү, кыскача айтканда, бүт нерсеси бири-биринен ар түрдүү болгон адамдар жолдо баратышат.

Бул унаалардын экөөсү жолдо жол кырсыгына кабылышты дейли. Кырсыкка кабылган унаанын ичинде жаракат алганы апачык көрүнгөн бир адам эсин жоготкон бир абалда жаткан болсун... Мындай абалда унаалардын бирөөсү карап коюп, жолун улантып баратканда, экинчиси унаасын ылдам токтотуп, жаракат

алган адамга жардам берип, аны эң жакын жердеги ооруканага жеткирүүгө жана колунан келишинче жардамчы болууга аракет кылат...

Бул эки адам арасындагы эң маанилүү айырма – бул бирөөсүнүн абийиринин үнүн угушу, экинчисинин болсо абийирин укпашы. Араларындагы маданият, билим, жумуш, раса, уруу ж.б. айырмачылыктардын чындыгында эч кандай мааниси жок. Ар бир адам өмүр бою туураларды айтып турган мындай үнгө, б.а. абийирге ээ. Туура эмес бир нерсе кылып жатканда, күнөө кылып жатканда жана кылган ар бир катасында абийири ага сөзсүз тууранны айтат. Адамдын абийиринин үнүн аныкташы болсо абдан оңой. Себеби бир окуяга кабылганда, адамга тууранны айткан абийир – бул дайыма ичинен угулган биринчи үн. Адам бул алгачкы үнгө баш ийгенде, бейпил жана бактылуу бир өмүр сүрөт. Антпесе, т.а. бул үнгө кулагын жаап, напсисине ылайык шылтоолор, себептер издеп баштаса, анда ичинен чыга албай турган кыйынчылыктар, күчтүү бир абийир азабы менен жашоого мажбур болот.

Ушул себептен, абийирдин бар болушу – Аллах адамдарга берген абдан чоң бир жеңилдик жана немат. Бул нематтын кадырын билген жана абийирин колдонгон адам дайыма, тууранны туура эместен айырмалаган, Аллах ыраазы боло турган жана дүйнө жана акыретте анын кутулушуна себепчи болгон бир түшүнүккө да ээ болот.

Аллах адамдын кутулушунун анын абийирин угушунан көз-каранды экенин мындайча билдирет:

**Напсиге жана ага бир калып бергенге, кийин ага жаман-бузукулукту жана андан сактанууну илхам кылганга (ант болсун). Аны тазалаган чындыгында кутулууга жетти. (Шамс Сүрөсү, 7-9)**

Аятта билдирилген «аны тазалаган чындыгында кутулууга жетти» сөзү абийирине баш ийген адамдын бакытка жетээрин апачык көрсөтүүдө.

Абийиринин буйруктарын укпаган адамдардын абалы болсо кийинки аяттарда мындайча билдирилүүдө.

**Жана аны (баш көтөрүү, күнөө, бузулуулар менен) курчаган да албетте кыйроого туш болду. (Шамс Сүрөсү, 10)**

Аллах жактырган ахлакты жашабаган бир адамдын абийири дайыма жакшыны, тууранны жана сонун нерселерди буйрук кылуусун улантат, мунун натыйжасында болсо адамдын ичинде бир күрөш жүрөт. Билип туруп абийирсиздик кылуунун азабы күнү-түнү адамды жөн койбойт. Бул болсо адам үчүн дүйнөдө жана акыретте чоң бир азап алып келет.

## Аллахка тобокел кылуунун жана өзүн тапшыруунун жеңилдиги

Ар бир адамдын жашоосунда «шанссыздык», «тескерилик», «жамандык» сыяктуу көрүнгөн көптөгөн окуялар болуп турат. Булар бир адамдын бүт жашоосуна таасир эте тургандай маанилүү көрүнгөн же күнүмдүк жашоодо адамдын башына келген кичинекей окуялар болушу мүмкүн. Куран ахлагын жашабаган адамдар кичине болсун, чоң болсун напсилери жактырбаган мындай окуяларга кабылганда, азап, тынчсыздануу, бактысыздык, көңүл чөгүү жана коркуу сезишет. Чынында болсо бул – алардын абдан маанилүү бир чындыктан кабарсыз жашашынын натыйжасында өздөрүнө өздөрү жасаган бир зулумдугу. Аллах бир аятында билдиргендей, «Аллах адамдарга зулумдук кылбайт, адамдар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышат». Аллахка ыйман келтирбеген же ыйман келтиргенине

карабастан, Аллах билдирген чындыктарды байкамаксан болуп жашоону тандаган адамдардын али бул дүйнөдө туруп кабылган акысы – бул дайыма ушундай тынчсызлануу, азап жана куру кыялдар ичинде жашоо, көптөгөн коркуу жана алсыздыкка ээ болуу.

Чындыкты билгендер үчүн болсо дүйнө жашоосунда коркуу, тынчсыздануу же бактысыздыкка себеп боло турган эч нерсе жок. Себеби ыйман келтиргендер ар бир окуяны Аллахтын тагдырда жаратканын, бүт нерсенин Аллах Кабатындагы Левхи Махфуз аттуу китепте жазылуу экенин жана өздөрүнүн да башка бардык адамдар сыяктуу тагдырдын көрүүчүсү экенин билишет. Аллах жараткан окуялардын алар үчүн дайыма жакшылык менен аяктаарын, Аллахтын ыкластуу пенделеринин тагдырын эң хикматтуу жана алар үчүн эң жакшы боло турган абалда жаратканын эч унутушпайт.

Адамдардын көпчүлүгү тагдырды билишет, бирок тагдырды туура эмес түшүнүшөт. Мисалы, адамдын чачынын өңү, боюнун узундугу, ата-апасынын ким болоору сыяктуу белгилүү нерселер гана тагдырда өзгөрбөйт, башка нерселерде болсо эгер көп аракет кылып, чечкиндүүлүк менен аракет кылынса, тагдырды өзгөртүүгө болот деп ойлошот. Ал эми, чындык мындай: бир адамдын ар бир көз ирмеми, бүт өмүрү, өмүр бою кабылган жана башынан өткөрө турган ар кандай окуя, ар бир сөзү, ар бир көз-карашы, ар бир үнү тагдырында. Мисалы, ушул учурда бул китептин бул саптарын окуган адамдын тагдырында бүгүнкү күндүн ушул саатында ушул саптарды окуу ансыз деле бар. Аллах бул көз ирмемди сиз али жаратылаардан миллиондогон жыл мурда билүүдө. Балким бул китепти окуганга чейин бир адам көптөгөн окуяларды башынан өткөргөндүр. Мисалы эми окуп баштайын деп жатканда, эшиктин коңгуроосу кагылып, бир досу

келгендир. Натыйжада китепти окушу үч саатка кечиктирилгендир. Колуна китепти алышы, дал ошол учурда эшиктин кагылышы, эшик ачылганда досунун күлүмсүрөгөн жүзү, «салам» деши, китепти окуу убактысынын үч саатка кечиктириши тамгасы тамгасына дал өзүндөй абалда, ал адам буларды башынан өткөрө электе Аллахтын эсинде, ал адамдын, досунун жана бул китептин тагдырында аныкталган. Аллах бир аятында муну мындайча билдирет:

> **Сен ичинде болгон ар кандай абал, Ал жөнүндө Курандан окуган бир нерсе жана силер жасаган ар кандай иш болсун, силер ал ишке (абдан) берилип жасап жатканыңарда, Биз силердин үстүңөрдө күбө болуп турабыз. Жерде жана асманда тырмактай болгон эч бир нерсе Раббиңден алыста (жашыруун) калбайт. Мындан кичинекейирээги да, чоңураагы да баары китепте (жазылуу). (Йунус Сүрөсү, 61)**

Аллах убакыт жана мейкиндиктен көз-каранды эмес. Убакыт жана мейкиндиктен адам көз-каранды. Ошондуктан, биз үчүн өтмүш, ушул учур жана келечек болгон убакыттар – Аллах Кабатында бир көз ирмем гана. Мисалы, эмки туулган күнүбүз биз үчүн келечекте боло турган бир көз ирмем, окуя. Ал эми чындыгында болсо ал көз ирмем Аллах Кабатында болуп бүткөн жана Аллах ал көз ирмемдерди билет. Б.а. биздин эмки туулган күнүбүздө эмне кийээрибизди, кимдер менен бирге болоорубузду, ал күнү эмне кылаарыбызды Аллах азыр билет. Ошол сыяктуу эки жылдан кийин, үч жылдан кийин, он жыл, кырк жылдан кийин эмне кылаарыбызды да Аллах азыр майда-чүйдөсүнө чейин толук ороп курчаган. Аллах бир адамдын жашоосунун күндөрүнүн баарын, ар тургай бардык мүнөттөрүн, секунддарын жалгыз бир көз ирмем катары билгендей эле, аалам

жаралгандан бери жашаган миллиарддаган адамдын жана мындан кийин жашай турган бүт адамдардын жашоолорунун ар бир секундасын да жалгыз бир көз ирмем катары билип, башкарып турат. Аллах чексиз узун убакытты чексиз кыска убакыт ичинде, т.а. жалгыз бир көз ирмемде жараткан.

Адамдын Аллахтын мындай чексиз илимин билиши жана тагдырынын бир көрүүчүсү экенин билиши болсо ал үчүн чоң бир немат жана жеңилдик. Чындап ыйман келтирген, чын ыкластан (чын пейилден) Аллахка өзүн тапшырган бир момун ал үчүн даярдалган тагдырын сабак алуу, толкундануу, шүгүр кылуу жана дайыма ойлонуу менен, креслосуна отуруп бир тасманы көрүп жаткан адамдай бейпилдикте, ишеним жана кубаныч ичинде көрөт.

Аллахты дос жана өкүл туткан жана Аллах жараткан ар бир окуядан, ар бир көрүнүш жана ар бир маек, сөздөн ыраазы болгон бир адам тагдырына да ыраазы болот. Аллах адамдарды сыноо үчүн тагдырларында ар кандай окуя жана көрүнүштөр жаратышы мүмкүн. Булар кээде коркутуучу, кээде кыйынчылык жана азапка толо сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Бирок мындай окуялардын бүт баары Аллах Кабатында эң майда детальдарына чейин пландалып, сакталуу турат. Мисалы, Аз. Йусуф эч кандай кылмышы жок туруп, жылдар бою зынданда калган. Бул анын тагдырында. Бирок Аз. Йусуф Аллах жараткан тагдырга ыраазылык жана кубаныч менен баш ийгендиктен, түрмө ага кыйынчылык жана азап эмес, тескерисинче көптөгөн немат жана коздуктардын эшигин ачкан бир окуя катары көрүнгөн. Мындай кыйын учурду жеңилдиктер жана көңүлгө төп келген бир чөйрө менен салыштырган момун немат-жакшылыктардын ырахатын абдан жакшы сезет. Күн сайын бир гүл бакчасы көргөн бир адамдын бул бакчадан ала турган ырахаты менен жылдар бою

бетон дубалдан башка эч нерсе көрбөгөн бир адамдын гүл бакчасынан ала турган ырахаты, албетте, абдан айырмалуу болот. Кыйынчылык жана жамандыкты билген бир адам бейпилдик жана сулуулуктан бир топ эсе көп ырахат алат. Же болбосо, тагдырында Аз. Йусуф сыяктуу адилетсиздикке, кыйынчылыкка, түрмө сыяктуу бир чөйрөгө сабыр кылуу бар болгон бир адам мунун акыретте ага Аллахтан бир ыраазычылык жана сыйлык катары кайтышын ойлоп, тагдырына сүйүнөт. Түпкүрүндө тагдырында жазылган өмүрүн жашап жатканын жана эч бир жаратылган жандыктын, анын ичинде өзүнүн да өз тагдырын, ал тургай тагдырындагы жалгыз бир секунданы да өзгөртө албашын билет жана тагдырына өзүн тапшырып, бейпил өмүр сүрөт.

Тагдырына өзүн тапшырган бир момун, албетте ар кандай шартта колунан келген бүт аракетин жасайт. Мисалы ооруп калган бир адам, албетте, докторго барат, дарыларын ичет жана оорусу менен байланыштуу бүт керектүү чараларды көрөт. Бирок буларды кылып жатканда, барган докторунун, ичкен дарыларынын жана дарылануусунун натыйжасынын да Аллах жараткан тагдырда экенин билүү менен аракет кылат. Ошондуктан, эч качан бактысыздыкка, дүрбөлөңгө, азапка же үмүтсүздүккө кабылбайт. Аллахтын ал үчүн каалаганы эң жакшысы экенин билип, мунун бейпилдигин жана ишенимин сезет. Адамдын ар бир окуяда бир жакшылык бар экенине ыйман келтириши абдан маанилүү.

Момундар жамандык сыяктуу көрүнгөн окуяларда да анын алар үчүн чоң бир жакшылык экенине ыйман келтиришет жана Аллахка тобокел кылышат. Бул – бир гана момундарга (ыймандууларга) тиешелүү бир өзгөчөлүк. Пайгамбар Мырзабыз бир хадисинде муну мындайча баяндайт:

*«Момун адамдын абалы канчалык таң калыштуу. Себеби ар бир иши ал үчүн бир жакшылык. Мындай абал бир гана момунга (ыймандуудуга) тиешелүү, башкага эмес: ага аны ыраазы кылган бир нерсе келсе шүгүр кылат, бул бир жакшылык; бир зыян келсе сабыр кылат, бул дагы жакшылык.» (Muslim, Zuhd 64, 2999)*

Аллах – бүт ааламдын жалгыз өкүмдары (ээси), чексиз күч-кудурет ээси. Бул чындыкты билген жана толук аңдап-түшүнө алган бир адам үчүн ансыз деле Аллахка өзүн тапшырып, тобокел кылуудан башка бир жол жок. Себеби бир адам жолуккан ар бир окуя, ар бир адам, ар бир сөз, ар бир үн Аллахтын көзөмөлүндө. Пайгамбар Мырзабыз да айткандай, Аллахтан келген бүт нерсе момун үчүн бир коздук жана бир жакшылык. Момундардын бул чындыкты түшүнүү менен ээ болгон тобокел түшүнүгүн Аллах бир аятында мындайча билдирет:

**Мен чындыгында, менин да Раббим, силердин да Раббиңер болгон Аллахка тобокел кылдым. Ал маңдайынан кармап-көзөмөлдөбөгөн эч бир жандык жок. Сөзсүз менин Раббим туптуура бир жол үстүндө (туптуура жолдогуну коргоодо). (Худ Сүрөсү, 56)**

Аллахка тобокел кылбастан, бүт нерсени өздөрүнүн күч жана көзөмөлүндө деп ойлогондор болсо, дайыма коркуу, кайгы, тынчсыздануу жана пессимисттик маанайда болушат. Бул бир тасманы көрүп жаткан бир адамдын тасманын аягын өзгөртө алчудай болуп толкундануу жана дүрбөлөңгө кабылышына окшойт. Мындай коркуу канчалык орунсуз жана керексиз болгон сыяктуу эле, тагдырын көрүп жаткан бир адамдын да башына келгендерге карата ушул сыяктуу сезимдерге кабылышынын эч кандай кажети жок. Мисалы, күнөөсүз бир адамга жалаа жапкандар Аллахтын көзөмөлүндөгү жандыктар. Жана Аллах

адамды сыноо үчүн бул окуяларды жаратат. Буларга сабыр кылганда Аллахтын ыраазычылыгына, бейишине жана ырайымына жетүүнү үмүт кылган момун үчүн кайгырууга эч себеп жок. Ошондой эле, Аллах момундарга дайыма жардамын жөнөтөт жана аларга иштеринде жеңилдиктер берет. Бул – Аллахтын өзгөрбөс бир убадасы. Аллах бир аятында адилетсиздикке кабылгандар жөнүндө мындай буйурууда:

> **Мына ушундай; ким ага жасалган адилетсиздикке тең жооп берип, кийин ага кол салынган болсо, Аллах сөзсүз ага жардам берет. Шексиз, Аллах кечиримдүү, айкөл. (Хаж Сүрөсү, 60)**

Демек, Аллахтын күч-кудуретин, жардамын жана достугун билген момундар үчүн тобокел жана өзүн тапшыруу – бул жалгыз жол жана жолдордун эң сонуну жана эң оңойу. Антпесе адам көтөрө албаган, оор бир жүктү өз мойнуна жүктөйт. Бедиүззаман Саид Нурси бир сөзүндө адам тобокел кылбаганда, өзүн өзү кандай кыйынчылыкка салаарын мындайча баяндайт:

> *«Адам күчсүз, балээлери көп. Кедей, муктаждыктары абдан көп. Алсыз, жашоо жүгү абдан оор. Эгер Кадир-и Зүлжелалга (Аллахка) таянып, тобокел кылбаса жана ишенип өзүн тапшырбаса, абийири дайыма азап ичинде калат. Түшүмсүз машакаттар, кайгылар, бушаймандыктар аны бууйт. Же мас же болбосо жырткыч кылат.» (Sö zler, s. 29)*

Ошондой эле, бир нерсени баса айта кетүү керек, бул жерде айтылгандар адамдардын өздөрүн же бири-бирин соороотуулары, кыйынчылык учурунда ойлонуп өздөрүнө кеңеш, көңүл айтышы үчүн айтылган жок. Булар – Аллахтын жаратуусунун жана дүйнө жашоосунун чыныгы жүзү. Чындыгында мунун мындай эмес экенине ишенген же мындай эмес деп мамиле кылган адам өзүн алдаган жана жаңылткан болот. Ошондуктан, караңгы адам

эң бардар, бай жана эң бейпил күндөрүндө да тобокелсиздиктин азап жана кайгысын башынан өткөрүп жатканда, чындыктарга ишенген бир момун, кандай шартта гана болбосун, дин адамдарга алып келген жеңилдикти, кубаныч жана бейпилдикти жашайт.

Аллах Куранда ыймандуулар үчүн мындайча билдирет:

**Кабарыңар болсун; Аллахтын велилери (достору), алар үчүн коркуу жок, кайгы да жок. Алар ыйман келтиргендер жана (Аллахтан тартынып күнөөдөн) сактангандар. Дүйнө жашоосунда жана акыретте сүйүнүчтүү кабар алар үчүн. Аллахтын сөздөрү эч өзгөрбөйт. Мына улуу кутулуу жана бактылуулук ушул. (Йунус Сүрөсү, 62-64)**

## Бир гана Аллахтын ыраазычылыгын максат кылуунун пайдалары

Көңүл буруп байкасаңыз, адамдардын көпчүлүгү өмүр бою дайыма бири-биринин ыраазычылыгы, жактыруусу жана сүйүүсүнө жетүү үчүн аракет кылышат. Досторунун, башкармаларынын, кесиптештеринин, үй тургундарынын, көрүүчүлөрүнүн, балдарынын... Мындай түшүнүктөгү бир адам жашоо калыбынан баштап кийимине, сүйлөө услубунан уккан музыкасына чейин бүт нерсесинде бирөөгө жагынууну максат кылат. Бул көп тараптан абдан кыйын, азаптуу, чарчатуучу жана чөктүрүүчү бир жашоо. Биринчиден, башка адамдардын ыраазычылыгын максат кылган бир адам абийирин көбүнчө басмырлоого мажбур болот. Мисалы, жаңы таанышкан бир достор тобунан бөлүнүп калбоо, өзүн кабыл алдыра алуу үчүн ал адамдардын туура эмес мамилелерин айтуудан, аларга эскертүү берүүдөн тартынат. Жалгыз калуудан жана чөйрөсүндөгүлөрдү жоготуудан коркуп, өмүр бою абийиринин

буйруктарына тескери иш-аракеттер жасашат. Бул башында ал адамда чоң бир абийир азабы пайда кылса, белгилүү мөөнөттөн кийин толугу менен анын абийири сокур болуп калат жана андан соң туура менен туура эмести, жакшы менен жаманды, сулуулук менен жамандыкты айырмалай албай турган абалга келет.

Бир эле учурда бир топ адамды ыраазы кылуу үчүн аракет кылган бир адамды күткөн дагы бир кыйынчылык – бул бирөөсүн ыраазы кылганда, башкасынын ачуусуна тийүү ыктымалы. Бир адам досторун ыраазы кылганда үй-бүлөсүн, үй-бүлөсүн ыраазы кылганда досторун ачуулантып, алардан ажырап калышы мүмкүн. Же башкармасына көрүнүү үчүн болгон күчү менен аракет кылган бир адам кесиптештерине жаман көрүнүп калышы мүмкүн. Булардын натыйжасында мындай адамдын жашоосунда кандай болсо да бейпилсиздик, тынчсыздануу жана нааразылык болоору ачык.

Ал эми ыкластуу бир Мусулман болсо бир гана Аллахтын ыраазычылыгын максат кылат. Ал үчүн чөйрөсүндөгү адамдардын сөзү эмес, Аллахтын буйруктары маанилүү. Аллахтын ыраазычылыгын максат кылуу жана ошого жараша аракет кылуу болсо дайыма эң туура жол. Аллах бир аятында бир гана Аллахтын ыраазычылыгын максат кылган менен бири-бири менен мамилеси начар бир канча орток ээлери болгон бир адамдын абалы арасындагы айырманы мындайча билдирет:

> **Аллах бир мисал берди: өз ара ынтымаксыз жана пикир келишпес, аны талашкан көп ээлери бар бир адам менен жалгыз бир адамга баш ийген бир адам. Бул экөөсүнүн абалы бирдей болмок беле? Мактоолор Аллахка тиешелүү. Жок, алардын көпчүлүгү билишпейт. (Зүмер Сүрөсү, 29)**

Аятта билдирилгендей, адамдын жашоосуна ылайыктуу – бул бир гана Аллахтын ыраазычылыгы үстүнө курулган бир жашоо. Саид Нурси да Аллахтын ыраазычылыгына жетүү үчүн аракет кылуунун дайыма абдан оңой бир жашоо алып келээрин мындайча түшүндүргөн:

*«Амалдарыңызда (иштериңизде) Аллахтын ыраазычылыгы болушу керек. Эгер Ал ыраазы болсо, бүт дүйнө таарынса да эч маанилүү эмес. Эгер Ал кабыл кылса, бүт адамдар баш тартса да таасири жок. Ал ыраазы болгон соң жана кабыл кылган соң, кааласа жана хикматы зарыл кылса, сиздер сурабасаңыздар да, элдерге кабыл алдырат. Аларды да ыраазы кылат.» (Lem'alar, s. 154)*

Бедиүззамандын бул сөзү абдан маанилүү; чыныгы ыкластын да ачкычы. Адам Раббибиздин ыраазычылыгын максат кылуу менен гана чыныгы динчил боло алат. Эгер кылган иштеринде адамдардын же башка жандыктардын ыраазычылыгын көздөп жатса, анда сөзсүз бул иштин ичине рия (эл көрсүн деп кылуу) аралашкан болот. Рия аралашкан бир түзүлүш болсо адамга бул дүйнөдө да, акыретте да зыян алып келет. Адамдардын ыраазычылыгын эң өйдө койгондор күткөн натыйжага эч качан жете алышпайт. Бир адамга көрүнүү, ага «жагынуу» үчүн көп аракет кылышат, бирок ал адам алардын мындай аракеттерин баалай албайт. Бааласа да, ал да алсыз жана байкуш бир адам. Бүт нерсенин жалгыз өкүмдары жана ээси болгон Аллах Анын ыраазычылыгына жетүү үчүн аракет кылгандарды болсо түбөлүк бейиши менен сүйүнчүлөйт. Бейиш болсо – бул адамдын напсиси, көңүлү каалаган бүт нерсе даяр турган бир мекен. Аллах бир гана Анын ыраазычылыгын максат кылгандардын кутулууга жетээрин мындайча билдирет:

**Аллах (Анын) ыраазычылыгын көздөгөндөрдү муну менен кутулуу жолдоруна жеткирет жана аларды Өз каалоосу менен караңгылыктардан нурга чыгарат. Аларды эң туура жолго багыттап-жеткирет. (Маиде Сүрөсү, 16)**

Бир гана Аллахтын ыраазычылыгын көздөп жашоо ар бир адамга дүйнөдө жана акыретте эң оңой, эң сонун жана эң кубанычтуу жашоону алып келет.

## Башкаларды ойлоо оңой, өзүмчүлдүк болсо кыйын

Караңгы коомдордо адамдар көбүнчө өз каалоо жана кызыкчылыктарын эң өйдөгө коюшат, дайыма «эң биринчи менин бейпилдигим, ырахатым маанилүү» көз-карашы менен аракет кылышат. Башкалар үчүн өз мал-жанын аябоо болсо бул адамдардын напсисине абдан оор келет. Өзүмчүл мамиле кылуу тыңдык, акылдуулук сыяктуу кабылданып, башкалардын кызыкчылыгын өйдө коюу болсо көбүнчө кем акылдык деп кабыл алынат. Чындыгында болсо Аллахка ыйман келтирген жана Аллахтын ыраазычылыгына жетүү үчүн башкалардын кызыкчылык, бейпилдигин өзүнүкүнөн өйдө койгон бир адам үчүн башкаларды ойлоо бир жагынан чоң кубаныч, экинчи жагынан абдан оңой бир ибадат.

Момундардын башкаларды өзүнөн өйдө коюу түшүнүгүн Аллах мындайча кабар берет:

**Бей-бечараларга, жетимдер менен туткундагыларга өздөрү сүйүп (жегиси келип) турган тамактан жедирип (мындай дешкен): «Биз силерди Аллахтын Жүзү (ыраазычылыгы) үчүн тамактандыруудабыз. Биз силерден (эч кандай) акы жана алкыш сурабайбыз. Биз**

**Раббибизден (жана жүрөктү) сыга турган оор күндөн (кыяматтан) коркобуз.» Эми Аллах аларды мындай күндүн жамандыгынан коргоду жана аларга жаркыраган бир жарык жана бир кубаныч берди. (Инсан Сүрөсү, 8-11)**

Кылган жоомарттыктары үчүн, аяттарда билдирилгендей, Аллахтын ыраазычылыгына жана «жаркыраган бир жарык жана кубаныч» сезе турган акырет немат-жакшылыктарына жетээрин билген бир момун үчүн короткон мал-жанынын эч кандай мааниси болбойт. Утурумдук, кыска жана кемчиликтерге толо бир жашоодо адамдын эң жактырган мал-мүлкүнүн да Аллахтын ыраазычылыгы жана мунун натыйжасында бере турган бейиш жашоосунун жанында эч кандай баалуулугу жана сулуулугу жок. Буга ыйман келтирген момундар короткон мал-жаны канчалык чоң болсо да, бул эмгеги үчүн башкалардан мактоо да күтүшпөйт, башка адамдарды карыздар сыяктуу абалга да салышпайт.

Бирок Аллах Анын ыраазычылыгы үчүн мал-жанын короткондорго дүйнөдө да бардарчылык жана береке убада кылат жана коротконун ашыкчасы менен ал адамга тартуулайт. Аллах бул убадасын аяттарында мындайча билдирет:

**Аллахка сыйлыгын эсе эсе кылып көбөйтө турган сонун бир карыз бере турган ким? Аллах кысат жана кеңейтет жана силер Ага кайтарыласыңар. (Бакара Сүрөсү, 245)**

**Мал-мүлктөрүн Аллах жолунда сарптагандардын (кайыр-садака кылгандардын) мисалы жети башак байлаган, ар бир башагы жүздөн уруктуу жалгыз бир уруктун мисалындай. Аллах каалаганына эсе эсе көбөйтөт. Аллахтын (берешендиги) көп, (Ал баарын) билүүчү. Мал-мүлктөрүн Аллах жолунда сарптап,**

**кийин сарптаган нерселеринин артынан колко кылбаган жана басынтпагандардын сыйлыктары Раббилеринин Кабатында, аларга коркуу жок жана алар кайгы-капага батышпайт. (Бакара Сүрөсү, 261-262)**

Аллахка жана акыретке ишенбегендер үчүн болсо башкалар үчүн өз мал-жанын коротуунун кандай түрү болбосун, баары – бир жоготуу, өздөрүнөн жана кызыкчылыктарынан маанилүү бир азайуу болуп саналат. Ыймансыз болушкандыктан, чындыгында өздөрүнө чоң пайда алып келе турган коолдуктарды, т.а. кайыр-садака сыяктуу иш-аракеттерди жаман нерсе жана жоготуу деп ойлошот. Өзүмчүлдүктүн, мал-мүлкүн жана акчасын колунда сарандык менен сактоонун азап жана кыйынчылыгын тартышат. Үйлөрүндө отурганда да дайыма бейпилсиздик ичинде болушат. Буюмдарынын эскириши, тамактарынын түгөнүшү, досторунун конокко келиши бул адамдар үчүн дайыма бир кыйынчылык жана көйгөй катары кабылданат. Жаман ахлактары менен өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышып, сонун ахлак алып келе турган бейпилдик, бакыт жана берекеден кол жууп калышат.

## Кечиримдүүлүк адам үчүн эң жакшы жана эң сонун нерсе

«Пенделеринен тооболорун кабыл кылуучу, жамандыктарды кечирүүчү жана кылгандарыңарды билүүчү – Ал.» (Шура Сүрөсү, 25) аятында да билдирилгендей, Аллах кечиримдүү. Ыймандуулар да Аллах жактырган ахлакка ылайык жашаган адамдар катары бирөөдөн жамандык көрүшкөндө кечирүүнү, жамандыкты жакшылык менен алыстатуу жолун тандашат. Шексиз, бир жамандыкка сабыр кылуу, теңелбөө, жамандык кылган адамды кечирип өч алуу сезимине кабылбоо, ачуусун

жеңип өзүн кармоо – такыба (Аллахтан корккон) адамдарга тиешелүү бир өзгөчөлүк. Жана мындай мамиленин акысы – бул Аллахтын ыраазычылыгы жана сүйүүсү. Аллах бир аятында мындайча билдирет:

**Алар - барчылыкта да, жокчулукта да садака бергендер, ачууларын жеңгендер жана адамдарды кечиргендер. Аллах жакшылык кылгандарды сүйөт. (Али Имран Сүрөсү, 134)**

Жамандыктарга жакшылык менен жооп берип, кечирген адам ошол эле учурда өзүнө жана чөйрөсүндө тынчтык жана бейпил бир чөйрө даярдаган болот. Бул – албетте, дайыма бири-биринен өч алган, кек, жек көрүү, душмандык сезимдери өкүмчүлүк кылган оор бир чөйрөгө салыштырууга болбой турганчалык оңой, бейпил жана ырахаттуу бир чөйрө. Адам башында ачуулануу жана өчөшүү сезимдеринен кутулуу үчүн балким кыска бир мөөнөт напсисин тизгиндөө жана сабыр жана аракет кылууга мажбур болушу мүмкүн, бирок мындай мамиле үчүн достук, сүйүү, урмат жана тынчтыкка толгон бир маанайга жана чөйрөгө ээ болот. Аллах аяттарында момундарга мындайча билдирет:

**Жакшылык менен жамандык эч качан тең болбойт. Жамандыкка сылык мамиле менен жооп бер. Ошондо (көрөсүң) сени менен анын арасында душмандык бар киши жакын бир дос(уң) болуп калат. Буга болсо сабыр кылгандардан башкасы жете албайт. Жана буга чоң бир үлүшү барлардан башкасы да жете албайт. (Фуссилет Сүрөсү, 34-35)**

Аллах сонун ахлагы үчүн адамдарга сонун жана оңой бир жашоо сунат. Кечиримдүү болбогон бир адамды чөйрөсүндө дайыма душмандары, ага өчөшкөн жана аны жек көргөн адамдар курчаса, кечиримдүү адамдын бул дүйнөдө тапкан сыйлыгы – бул

бейпил жана тынчтыкка толгон бир жашоо жана жакын, ысык достор.

## Кичипейилдик жеңил жана бейпил бир жашоо алып келет

Текеберленүү жана бой көтөрүү – бир адамга эң көп зулумдук жана азап алып келген жаман ахлак өзгөчөлүктөрүнөн. Кичипейилдик болсо, тескерисинче, адамга бакыт жана бейпилдик алып келет. Текеберленген бир адам эң алгач бардык өзгөчөлүктөрүм өзүмө тиешелүү деп ойлойт. Мисалы, мээсин Аллах ага берген бир немат экенин ойлоп шүгүр кылуунун ордуна, мээси менен мактанат. Бул өзгөчөлүгүн өзүнчө өйдө сезип, айланасындагыларды өзүнөн төмөн көрөт жана басынтат. Мындай мүнөзүнүн бир натыйжасы катары чөйрөсүндөгү адамдар тарабынан жакшы көрүлбөйт, аларды өзүнөн түртүп турат. Балким бой көтөргөн мамилелеринен улам кээ бирөөлөр анын жанында басынып, урмат көрсөтүшү мүмкүн. Бирок текебер адамга көрсөтүлгөн урмат – чыныгы, чын жүрөктөн ал адамга урмат сезилгендиктен көрсөтүлгөн бир урмат эмес; тескерисинче анын текебердигинин, бой көтөрүүсүнүн жамандыгынан кутула алуу үчүн жасалган бир мамиле. Ошондуктан, текебер адамдардын чыныгы, аларды чындап сүйүп жакындык сезген достору болбойт. Чөйрөлөрүндө дайыма аларга көрсөтмө бир көңүл бурган жана урмат көрсөткөн адамдар болот.

Бой көтөргөн адамдын өзүнө өзү кылган эң чоң зулумдуктардын бири – бул чөйрөсүнө дайыма кемчиликсиз жана катасыз көрүнүүгө аракет кылышы. Мисалы, жогорудагы мисалда айтылгандай, мээси менен мактанган бир адам дайыма эң мээлүүмүн дейт. Эч качан ката кылууну кабыл ала албайт. Бир ката кылганда муну адамдардан жашыруу үчүн колунан келгенин

жасайт, ал тургай калптарды да айтып абдан уят абалга түшөт. Чындыгында болсо адам абдан алсыз, кемчиликтүү жана бул дүйнөдө дайыма сыналган бир жандык. Ошондуктан, жашоосу боюнча көптөгөн кемчилик жана ката кетириши толук кадыресе көрүнүш. Буларды башка адамдардан жашырууга аракет кылуунун болсо эч кандай мааниси жок жана керексиз. Аллахтын бүт нерсени көрүүчү жана билүүчү экендигин, адамдын алсыз жана кемчиликтерге толо бир жандык экенин түшүнүшү, жана адамдардын көзүндө эмне болгондугунун эмес, негизи Аллах Кабатындагы ордунун маанилүү экенин билиши адамдын үстүндөгү мындай зулумдукту алып салып, адамдын жашоосун оңой жана бактылуу абалга алып келет.

Адамдардын напсилеринде орун алып, аларга эң чоң азап берген сезимдердин бирөө болсо – бул өзүн кээ бир өзгөчөлүктөрүнөн улам башкалардан баалуураак сезиши. Бул негизи шайтандын да бир өзгөчөлүгү. Аллах Аз. Адамды жаратканда, шайтанга жана бардык периштелерге Аз. Адамдын алдында сажда кылууларын буйрук кылган. Периштелер Аллах сонун ахлакта жараткан жандыктар катары ылдам сажда кылышкан. Шайтан болсо сажда кылбастан, себеп катары төмөнкүлөрдү айткан:

> **Айтты: «Мен андан жакшыраакмын; Сен мени оттон жараттың, аны болсо ылайдан жараттың.» (Сад Сүрөсү, 76)**

Аятта да билдирилгендей, шайтан өзүн башка жаратылган нерселерден жогору, артыкча көргөндүктөн, Аллахтын буйругунан да чыга ала турганчалык жолдон адашкан.

Куранда өздөрүн жогору сезгени үчүн адашкандар жөнүндө да сөз кылынат. Мисалы, еврей жана христиандар «Биз Аллахтын балдарыбыз жана сүйгөндөрүбүз...» (Маида Сүрөсү, 18) деп

адашышууда. Бирок алар да кошо адамдардын баары – Аллах жараткан алсыз жандыктар. Ар бир адам Аллахка муктаж жана Аллах ал үчүн жараткан тагдырды көрөт. Эч бир адам өз алдынча кээ бир өзгөчөлүктөргө ээ болуп, кийин булар менен артыкчылыкка жете албайт. Адамдардын артыкчылыгы Аллахка жакындоодо, такыбалыкта көрсөткөн аракети менен гана өлчөнөт.

Аллахтын өзүн артыкча жана жогору сезгендерге Куранда берген жообу төмөнкүдөй:

> **«... Анда эмне үчүн (Аллах) силерди күнөөңөр үчүн азаптайт? Жок, силер (да) Анын (Аллахтын) жараткандарынан болгон инсансыңар. Ал каалаганын (пендесинин күнөөсүн) кечирет, каалаганын азаптайт. Асмандардын, жердин жана булардын арасындагылардын бардыгынын мүлкү Аллахка тиешелүү. Ага гана кайтуу бар. (Маиде Сүрөсү, 18)**

Мен кемчиликсизмин жана катасызмын деп ойлоо адам үчүн абдан оор бир жүк. Адамдар арасында да артыкча болууга аракет кылышат, ошондуктан ар бир көз ирмемин көзөмөлгө алышат, дайыма өзүн алдыга чыгаруу үчүн аракет кылышат. Мисалы, бир чогулушка катышканда эң таасирдүү сүйлөгөн, эң сонун кийинген, эң акылдуу чечимдер тапкан, адамдардын эң көп көңүлүн бурган адам болгулары келет. Кандайдыр бир топтун арасында болгондо да, отуруу үчүн тандаган жерине чейин бир өзгөчөлүк, артыкчалык көрсөтүүгө аракет кылышат, ал топтун же ал бөлмөдөгү адамдардын арасына аралашууну эч кабыл ала алышпайт. Ушул себептен дайыма «тикен үстүндө» сыяктуу болушат. Эч бир кыймылы табигый жана чын жүрөктөн болбойт. Кылган ар бир иши артыкчылыгын көрсөтүү үчүн эсептүү жана пландуу болот. Мунун бир адам үчүн канчалык чоң азап экендиги жана ал адамга канчалык оор жүк алып келээри болсо белгилүү.

Мындан тышкары, мындай адамдардын текеберленүү менен максаттаган нерселеринин эч бирине жете албашын да билүү керек. Бой көтөргөн сайын, бир тараптан чөйрөлөрүнө жаман көрүнүп, алардын ачуусуна тийет, экинчи тараптан, колундагы нерселеринен айрылганда абдан чоң стресске кабылышып, жашоого таарынышат. Аллах бир аятында бой көтөргөндөрдүн бир натыйжага жете албашын мындайча билдирет:

**Шексиз, аларга келген эч кандай далилдери болбостон, Аллахтын аяттары жөнүндө күрөшкөндөр болсо, алардын көкүрөктөрүндө (жүрөктөрүндө) эч жете албаган бир текебердик (каалоосу) гана бар. Эми сен Аллахтан коргоо сура. Шексиз, Ал баарын толугу менен угуучу, баарын толугу менен көрүүчү. (Мүмин Сүрөсү, 56)**

Текеберленген адамдар бул дүйнө жашоосунда эч бир каалоолоруна жете албаганына кошумча, эң негизгиси Аллахтын сүйүүсүн жоготушат. Аллах бир аятында муну мындайча билдирет:

**«Адамдардан жүзүңдү буруп (бой көтөрбө) жана жер бетинде көпкөн абалда жүрбөгүн. Себеби Аллах текебер мактанчаактарды сүйбөйт.» (Локман Сүрөсү, 18)**

Кичипейил адамдар болсо бой көтөргөн адамдар жашаган азап жана басымдарды эч качан башынан өткөрүшпөйт. Албетте, ар бир адам бүт нерсенин эң сонунуна ээ болууну, бүт нерсенин эң жакшысын кылууну каалайт. Бирок буларды дүнүйөлүк амбицияларын канааттандыруу, адамдарга артыкча көрүнүү жана бул үчүн урмат көрүү үчүн кылгандар чоң бир жоготууга кабылышат. Кичипейил бир адам болсо булардын баарын Аллахты ыраазы кылуу жана соопко ээ болуу үчүн каалайт. Бир ийгиликке жеткенде же сонун бир өзгөчөлүккө ээ болгондо,

булардын эч биринин өзүнөн эмес экенин, бүт баарынын Аллах ага тартуулаган нематтар экенин билет. Буларды ага берген, тагдырында ага ийгилик, кооздук жана нематтар жараткан Аллахка шүгүр кылат. Ошондуктан булардын кандайдыр бирөөсүн жоготкондо да бактысыз болбойт. Мунун да ал үчүн бир сыноо экенин билет жана тобокел кылат. Ийгиликке да, ийгиликсиздикке да, сулуулукка да, сулуу эмеске да ээ чыкпайт. Булардын баарынын дүйнө жашоосунда аны сыноо үчүн жаратылган окуя жана сүрөттөлүштөр экенин билүү менен бул ишениминин ага берген бакыт жана бейпилдигин жашайт.

Бедиүззаман да текебер жана кичипейил адамдардын жашоолору арасындагы айырманы кыскача төмөнкүдөй баяндайт:

> *«Өзүн сүйгөн балээсин табат, кыйынчылыкка түшөт. Өзүн сүйбөгөн жыргалды табат, ырайымга (мээримге) барат.» (Mektubat, s. 301)*

## Чынчылдык жана ыкластуулук алып келген жеңилдик жана бейпилдик

Караңгы адамдар кыйын абалда калганда ошол замат калп айтышат. Муну өздөрүн куткаруунун оңой жолу деп ойлошот. Чындыгында болсо, чынчыл болбоо жана калпычылык адамдын эң азап берүүчү тараптарынын бири. Эң биринчиден, калп айткан бир адам дайыма калпынын ачыкка чыгып калышынан тынчсызданат жана мындан улам уят болом деп коркот. Мындан тышкары, калпычылык себеп болгон абийир азабы адамдарда бактысыз жана стресстүү бир абалга себеп болот. Бүт адамдар бири-бирине жалган сүйлөгөн бир чөйрө болсо абдан жасалма жана эл көзүнө болот. Бүт баары бири-биринин ар бир сөзүнөн шек санайт. Эң жөнөкөй нерселерде да бири-бирине ишене алышпайт. Мисалы, жаңы алган кийиминин жарашып

жарашпаганын сураганда жасалма жооп алаарын билишет. Жалгандарга жана жасалмалыкка таянган бир достуктун болсо чын көңүлдөн жана жакын бир достук боло албашы белгилүү.

Ал эми, Аллахтан корккон бир адам үчүн чынчылдык абдан маанилүү. Аллах бир аятында ыйман келтиргендерге чынчылдыкты мындайча буйрук кылат:

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахтан тартынып-(күнөөдөн) сактангыла жана сөздүн туурасын айткыла. (Ахзаб Сүрөсү, 70)**

Чынчылдык жана чын жүрөктөн мамиле кылуу болсо момундарга абдан сонун, ишенимдүү, бактылуу бир жашоо алып келет. Мисалы, ката кылган бир момун муну эч качан башкалардан жашырбайт. Себеби Аллахтын аны дайыма көрүп турганын жана угуп жатканын билет жана Аллахка багытталып тообо кылат. Момундар да билиши керек болсо, муну аларга да эң туура абалда айтып берет. Момундардын анын мындай чынчылдыгына карата туура эмес мамиле кылбашын билет. Тескерисинче, жасалган ката кандай гана болбосун, момундар ал адамдын чын жүрөктөн жана кийипейил мамилесинен улам абдан ыраазы болушат жана ал адамга ишенишет. Пайгамбар Мырзабыз (сав) да бир хадисинде калп айтуу менен байланыштуу мындай буйурган:

*Эч шексиз, чынчылдык жакшылыкка алып барат. Жакшылык да бейишке алып барат. Адам чындыкты айта айта Аллах Кабатында сыддык (чындыкты сүйлөгөн адам) деп жазылат. Калпычылык жамандыкка алып барат. Жамандык да тозокко алып барат. Адам калп айта айта Аллах Кабатында кеззаб (абдан калпычы) деп жазылат. (Buhâ rî , iEdeb, 69; Mü slim, Birr, 103-104)*

Ыкластуу, жашырган эч нерсеси жок, сырдуу көрүнүүгө

аракет кылбаган ачык бир адам абдан ишенимдүү жана ал адамдын жанында бүт адамдар бейпил болушат. Мындай адамдар чогулган коом болсо абдан чоң бир немат жана коздук. Адамдар балким чынчыл мамиле кылуу менен өздөрүнүн уят болушунан, кыйынчылыкка кабылышынан тартынышы мүмкүн, бирок Аллах чынчыл жана ыкластуу адамдарга абдан кубанычтуу, ишенимдүү жана бактылуу бир чөйрө тартуулайт. Алардын акыретте ала турган сыйлыгы болсо бир топ жакшы жана сүйүнүчтүү кабарга толо:

**Аллах айтты: «Бул чынчылдарга чындыкты айтуулары пайда алып келүүчү күн. Алар үчүн ал жерде түбөлүк кала турган, астынан суулар (дарыялар) аккан бейиштер бар. Аллах алардан ыраазы болду, алар да Андан ыраазы болушту. Улуу кутулуу жана бакыт – мына ушул.» (Маиде Сүрөсү, 119)**

## Сонун ахлак ар бир адамдын жашоосуна бейпилдик жана жеңилдик алып келет

Бул бөлүмдө сонун ахлак өзгөчөлүктөрүнөн бир канча мисал берилүү менен, чыныгы оңой жана адамга бактылуулук алып келген жашоонун Куран ахлагынын жашалышы экендигине мисал, далилдери менен токтолдук. Дагы көптөгөн мисалдарды берүүгө болот. Себеби, ар бир жаман өзгөчөлүгүнөн кутулуу менен дагы бир жакшылыкка жеткен адам үчүн дагы бир эсе көп кубаныч себеби пайда болот. Мисалы, кызганчаак бир адам кызганычтык менен өзүн өзү кыйнап жашап жатканда, андан кутулуп бардык коздуктардан, жакшы адамдардан, башка адамдардын ийгилигинен ырахат алып баштайт. Мисалы, мурда кызганычтык жана ачуулануу менен караган досунун сулуулугу бир заматта Аллахтын жаратуу чеберчилигин мактаган, көргөн

сайын немат катары көргөн бир коздукка жана кубанычка айланат. Же болбосо, кичинекей бир окуяда да сабырсызданып, өзүнө жасалма азаптар берген бир адам сабырдын сонундугун жана Аллах Кабатындагы баалуулугун билүү менен жашаганда, эң оор жана кыйындай көрүнгөн окуяларда да сабыр кылуунун, тобокел кылуунун жана өзүн тапшыруунун чоң кубанычын жана бейпилдигин жашайт.

Мындай кыйынчылыктарга сабыр кылганда, жете турган сыйлыкты ойлоо менен кубанычы эсе эсе көбөйөт. Жыйынтыктасак, Аллахка, Аллах жараткан тагдырга, бейиш жана тозоктун бар экендигине далилдер, илим менен толук ишенүү – бир адамга эң чоң кубанычты, бейпилдикти, бактылуулукту жана жеңилдикти алып келүүчү маанилүү бир сыр. Буларга жетүү үчүн башка жолдорду издегендер чоң бир жаңылыштык ичинде жана ыйман келтирмейинче мындай нематтарга эч жете алышпайт.

# ШАЙТАНДЫН АЛСЫЗ ТУЗАГЫ

Аллах ар бир адамды бул дүйнө жашоосунда сынайт. Жана ар бир адамдын бул сыноо учурунда көрсөткөн ахлагына жана ыйманына жараша чыныгы жашоосунун бейиште же тозокто болоору аныкталган болот. Аллахтын пенделери үчүн жараткан бул сыноосу болсо абдан оңой жана жеңил. Мурдакы темаларда да айтылгандай, адамдын милдети – бул Аллах Куранда билдирген жана адамга дүйнө жашоосунда да бакыт жана бейпилдик алып келген жашоону жашоо. Аллах бул сыноо ичинде болсо ыйманга каршы негативдүү бир күч катары шайтанды жараткан. Аллах аяттарында билдиргендей, шайтан адамдардын ойлоруна азгырык берүү менен, аларга ыймансыздыкты пропагандалоо менен, же кээ бир адамдардын кыймыл-аракет жана сөздөрү аркылуу адамдарды динден, Аллахтын буйруктарынан жана сонун ахлактан кайтаруу үчүн аракет кылат. Бул үчүн ар кандай жолду кылып көрөт, адамдарга ар түрдүү тузактарды курат. Шайтандын адамдын бир душманы экенин Аллах бир аятында мындайча кабар берүүдө:

**Эй ыйман келтиргендер, баарыңар тобуңар менен «тынчтык жана бейпилдикке (Силмге, Исламга) киргиле жана шайтандын кадамдарын ээрчибегиле. Себеби ал - силерге апачык бир душман. (Бакара Сүрөсү, 208)**

Бирок, Аллах аяттарында да билдиргендей, шайтандын адамдар үчүн даярдаган тузактары абдан алсыз жана ыйман көзү менен караган адам шайтандын тузактарын ошол замат көрөт жана бузат. Аллах Куранда шайтан курган тузактардын абдан алсыз экенин жана шайтандын адамдарды мажбурлоочу күчү жок экенин мындайча кабар берген.

Курандагы «Өкүм чыгарылып бүткөндө, шайтан айтат: «Чынында, Аллах силерге чыныгы убаданы убада кылды, мен да силерге убада бердим, бирок силерге калп айттым. <u>Менин силерге карата мажбурлоочу бир күчүм жок эле, болгону силерди чакырдым, силер да мага жооп бердиңер (мени ээрчидиңер)</u>. Демек, мени айыптабагыла, өзүңөрдү айыптагыла. Мен силерди куткара албайм, силер да мени куткара албайсыңар. Чындыгында, мурда мени шерик кошконуңарды да мойнума албайм. Чынында, заалымдарга кыйноочу азап бар.» (Ибрахим Сүрөсү, 22) аятында билдирилгендей, мажбурлоочу күчү болбогондуктан, момун күчтүү бир абалда болот. Бул абдан чоң бир жеңилдик.

Иблистин өз алдынча бир күчүнүн жок экендиги башка аяттарда мындайча кабар берилет:

**Ант болсун, иблис алар жөнүндөгү күмөнүн чындыкка чыгарды, натыйжада ыйман келтирген бир топтон башка (баары) аны ээрчишти. <u>Чынында болсо анын аларга карата эч кандай мажбурлоочу күчү жок эле</u>; бирок Биз акыретке ыйман келтиргенди, андан күмөн санагандан айырмалоо үчүн (ага мындай чакыруу мүмкүнчүлүгүн бердик). Сени Раббиң бүт нерсени көзөмөлдөп-коргоочу. (Себе Сүрөсү, 20-21)**

Шайтандын адамдарды мажбурлоочу күчүнүн эч болбошу – адамдар үчүн Аллах аныктаган бир жеңилдик. Шайтан адамга жамандыкты, каапырдыкты, жаман ахлак өзгөчөлүктөрүн гана шыбырайт, аларды ыймансыздыкка чакырат. Бирок буларды адамдарга кылдыруу үчүн басым жасабайт, курган тузактары түшүнүктүү жана алсыз. Шайтандын таасиринен кутулуу үчүн адамдын көп аракет кылып, күч коротушунун кажети жок. Бираз эле ойлонгон адам чындыктарды ошол замат көрөт жана шайтанды ээрчибейт. Мисалы, шайтан бир адамга дүйнө жашоосун абдан сулуу жана кооз көрсөтүшү мүмкүн. Жаш бир адамга дүйнө жашоосун эч бүтпөчүдөй сездирип, аны дүйнөгө ач көздүк менен байлоого аракет кылышы мүмкүн. Ал эми, акылы ордунда жана чындыкка ылайык ойлонгон адам үчүн шайтандын мындай аракеттери абдан алсыз жана таасирсиз. Ар бир адамдын бир күнү сөзсүз өлөөрүн, дүйнө жашоосунда кооз сыяктуу көрүнгөн бүт нерсенин убактылуу, кыска өмүрлүү жана бейиштеги абалына салыштырганда абдан кемчиликтүү жана жетишсиз экенин билген жана ойлонгон бир адам шайтандын тузагын бузган болот. Же шайтан бир адамга текеберчиликти жана бой көтөрүүнү шыбырайт. Бирок алсыздыктарын, кемчиликтерин ойлонгон же бир күнү өлүп топурактын астында чирий турган бир денеге ээ экенин эстеген адам шайтандын бул сөзүнөн да оңой гана кутулат.

Албетте, мындай жеңилдик – чын жүрөктөн шайтандын таасиринде жашагысы келбеген, Аллахтын ыраазычылыгын, ырайымын жана бейишин максат кылган ыкластуу адамдар үчүн. Антпесе, б.а. бир адам Аллахтан коркуп сактанбаганда жана Аллахтын ыраазычылыгын максат кылбаганда шайтандын тузактарына түшүшү абдан оңой болот. Раббибиз шайтандын бир гана «мухлис» (ыкластуу) пенделерине таасир эте албашын аяттарында мындайча кабар берүүдө:

**Айтты: «Сенин ызаатың атына ант болсун, мен алардын баарын сөзсүз адаштырып-азгырам. Бирок алардан ыкластуу пенделериңден башкасын.» (Сад Сүрөсү, 82-83)**

Шайтандын чакырыктарын ээрчиген жана аны дос туткандардын аягы болсо аятта мындайча баяндалат:

**Себеби ал чындыгында мага келгенден кийин мени зикирден (Курандан) адаштырды. Шайтан адамды жападан жалгыз жана жардамсыз таштоочу. (Фуркан Сүрөсү, 29)**

# ЖЫЙЫНТЫК

Жер жүзүндө жашап жаткан бүт адамдар сыяктуу сиз да ар бир саат, ар бир мүнөт жана ар бир секунд өткөн сайын акырет жашооңузга улам жакындап баратасыз. Бул так бир чындык... Бир күнү өмүрүңүз бир себеп менен бүтөт жана Аллах Кабатында дүйнөдө кылгандарыңыз үчүн сурак бересиз.

Бүгүнкү күнгө чейин динди оор деп ойлогон үчүн динден алыс турган, Куран ахлагын жашабаган жана бир топ катачылыктарды кылган болушуңуз мүмкүн. Бирок мындан кийин эң маанилүүсү – бул чын жүрөктөн Аллахка тообо кылып, акыретиңиз үчүн эң жакшысын кылууңуз жана оңой жолго түшүшүңүз. Мындай чечимди алган соң азыркыга чейин көнгөн жашооңуздан такыр башка жана «сонун бир жашоого» жетээриңиз – Аллахтын уруксаты менен, чындык.

«Сонун бир жашоо» түшүнүгү адамдарга көбүнчө жат сезилет. Адамдардын көпчүлүгү эч качан азап, кайгы, коркуу, тынчсыздануу сезбеген бир жашоону эч кол жеткис бир кыял сыяктуу элестетишет. Чындап эле, мындай бир жашоо – динден алыс жашаган адамдар үчүн кол жеткис бир кыял.

Мындай бейпил жана кубанычтуу жашоону Аллахтын ыраазычылыгын, бейишин жана ырайымын өздөрүнө максат туткан, Аллахтан коркуп сактангандар гана жашай алышат. Бул Аллах ыймандуу пенделерине сүйүнчүлөгөн бир чындык:

**Эркек болсун, аял болсун, бир момун (ыймандуу) катары ким ыкластуу бир амал (иш-аракет) жасаса, албетте, Биз аны сонун бир жашоо менен жашатабыз жана алардын акысын кылгандарынын эң сонуну менен сөзсүз беребиз. (Нахл Сүрөсү, 97)**

Китеп боюнча да терең баяндалгандай, Аллах адамдар үчүн билдирген дин – абдан жеңил жана кыйынчылыксыз. Ошондой эле, адамдын жашоосундагы бардык кыйынчылыктарды, азаптарды кетирет. Динди жашаган адам Аллахтын коргоосунда болот, ар бир ишинде ийгиликке жана эң сонунуна жетет жана аятта билдирилгендей, эң сонун өмүр сүрөт.

Андай болсо, сиз да эң сонун жолду жана ошол эле учурда эң жеңил жашоону тандаңыз. Мындай жашоого Куран ахлагын жашоо менен оңой гана жете аласыз. Себеби Куран – бул ааламдагы бүт нерселер сыяктуу сизди да жараткан Аллахтын сөзү. Ушуга чейин коомуңуздан, чөйрөңүздөгү адамдардан, гезиттерден, телевизордон алган маалымат, пропагандаларды бир четке таштап, бир гана Аллахтын сөзү болгон акыйкат динге багытталыңыз жана Куран ахлагын жашоонун жеңилдигин ойлонуңуз.

Унутпаңыз; эгер дин ахлагын оңой гана жашай алаарыңызды көрмөксөн болуп, оңой жолду таштай турган болсоңуз, акыретте күтпөгөн жерден түбөлүк бир азапка кабылышыңыз мүмкүн.

# ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин

аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»**[1]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн

илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: *«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[2]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[3]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[4]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-

кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

> *Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат:Жашоо жер бетинде кантип башталды?*[5]

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. **Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ.** Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн **$1/10^{950}$ге** барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

> *Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[6]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана Түрлөрдүн келип чыгышы аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[7]

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[8]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[9]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин Түрлөрдүн келип чыгышы китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[10]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот. (Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280)*

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.*[11]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

*«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»*[12]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[13]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар

австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[14]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[15] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[16]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

> *«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»*[17]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап*

*ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[18]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул

аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө,

план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге

жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча см3дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним (дин)

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон*

*«априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.*[19]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах

Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**... Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып,

чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары**

**жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

*«Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.»*[20]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

***Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»***

***(Бакара Сүрөсү, 32)***

# ДИПНОТТОР

1- Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2

2- Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196

3- New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life, Bulletin of the American Meteorological Society, cilt 74, Kası m 1982, s. 1328-1330.

4- Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7

5- Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40

6- Leslie E. Orgel, "The Origin of Life on Earth", Scientific American, cilt 271, Ekim 1994, s. 78

7- Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189

8-Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189

9- B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988

10- Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179

11- Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, cilt 87, 1976, s. 133

12- Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197

13- Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, ss. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, cilt 258, s. 389

14- J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralı k 1992

15- Alan Walker, Science, cilt 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı , New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, cilt 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272

16 - Time, Kası m 1996

17- S. J. Gould, Natural History, cilt 85, 1976, s. 30

18- Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19

19- Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak, 1997, s. 28

20-Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43